| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03.2025-ж. №23/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүкчөсүнө ылайык Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен бош калган калдык, үнөм каражаттарын каржылоо жөнүндө шаардык кеңештин 29.03.24-ж. №160/34-8, “Кара-Көл шаарынын 2024-жылга шаардык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” 29.03.24-ж. №161/34-8 сандуу токтомдорун аткарууда 2024-жылдын жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин шаардык кеңешке жолдогон 28.02.25-ж. №01-20/1187 чыгыш сандуу катынын негизинде шаардын мэринин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин билдирүүсүн, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**.Кара-Көл шаардык кеңештин 2024-жыл ичинде тиешелүү токтомдорун аткаруунун жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин билдирүүсү, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын кошумча маалыматы эске алынсын.

**2**. Шаардык бюджетте 2024-жылдын жыйынтыгы менен (**5797,2 миң сомдук** атайын каражатты эске албаганда) пайда болгон **59236,2 миң сомдук** бош калган, үнөм каражаттын эсебинен шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин 2024-жылдын 1-январына пайда болгон **22 941,6 миң сомдук** кредитордук карыздарды жана **36294,6 миң сомдук** бош калган калдык, үнөм каражаттарды Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренесинин 4-пунктунун талабынын негизинде 1,2,3 тиркемелерге ылайык мыйзам чегинде каржылануусу бекитилсин жана аталган каражаттар шаардык 2025-жылдын бюджетинде эске алынып, шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин бюджетине тиешелүү тактоо (“уточнение”) киргизилсин.

**3**.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 1,3-пунктунун талабынын негизинде шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамыткановага) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**Тиркеме 1**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кеңештин**
**14.03.2025-ж. №23/5-9 токтому менен**

**Кара-Көл шаардык 2024-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн такталган план боюнча аткарылышы**

| Аталышы | 2024-жыл | | % | айырма | анын ичинде | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Такт. план | Факт | | | Такт. план | Факт |
| Жыл башындагы калдык каражат | **79963,9** | **79963,9** | **100,0** | **0,0** | **3196,3** | **3196,3** |
| **Кирешелер атайын каражатсыз** | **396521,0** | **402547,8** | **101,5** | **6026,8** | | |
| **Кирешелер** | **415115,5** | **425,058,5** | **102,4** | **9943,0** | **18594,5** | **22510,7** |
| Максаттуу транцферт | 122651,4 | 121261,4 | 98,9 | **-1390,0** | | |
| Айлык акынын которулушу | | | | **0,0** | | |
| Активдер жана милдеттенмелер | 2471,6 | 2558,4 | 103,5 | **86,8** | | |
| Атайын каражаттар | 15398,2 | 19314,4 | 125,4 | **3916,2** | 15398,2 | 19314,4 |
| Жергиликтүү салыктар атайын каражатсыз | 194630,4 | 201960,4 | 103,8 | **7330,0** | | |
| X | | | | | | |
| **Чыгаша бөлүгү** | **415112,5** | **360025,1** | 86,7 | **-55087,4** | **18594,5** | **16713,5** |
| Мамлекет. кызмат | 51594,5 | 48644,6 | 94,3 | -2949,9 | 2627,8 | 2616,7 |
| Коргоо | 2083,6 | 1873,0 | 89,9 | -210,6 | | |
| Коомдук тартип | | | | 0,0 | | |
| ШММБ | 305650,7 | 260761,0 | 85,3 | -44889,7 | 1027,8 | 1000,0 |
| Маданият бөлүмү | 19271,8 | 16854,1 | 87,5 | -2417,7 | 287,2 | 186,8 |
| Билим беруу бөлүмү | 27306,0 | 22747,9 | 83,3 | -4558,1 | 14651,7 | 12910,0 |
| Соц. өнүгүү башкармалыгы | 8900,8 | 8839,4 | 99,3 | -61,4 | | |
| **Жылдын жыйынтыгы менен калдык каражат а.и** | **0,0** | **65033,4** | | | | **5797,2** |
| 1. бюджеттик каражаттар а.и | | **59236,2** | | | | |
| Пландан ашыкча аткарылган каражат | | 40038,3 | | | | |
| Бош калган каражат | | 19197,9 | | | | |
| 2. Атайын каражаттар | | **5797,2** | | | | **5797,2** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**Тиркеме 2**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кеңештин 14.03.2025-ж. №23/5-9 токтому менен**

## Шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин 01.01.2025-жылга кредитордук карызадры

Бюджеттик каражаттар

| Мекемелердин аталышыы | Баары: | 2111 Айлык акы | 2121 Соц фонд | 2211 Сапар. чыгым | 2214 Унаа чыгымы | 2215 Башка чыгым | 2222 Чарб. чыгым | 2231 Комуналдык чыгым | 2823 Соттун чечимин аткаруу | 3111 Имарат, курулма | 3112 Эмеректер жана башка чыгымдар | 3141 Жер сатып алуу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кетмен-Төбө АБ | **19,6** | | | 19,6 | | | | | | | | |
| **Мам. Кызмат - жыйынтыгы** | **19,6** | **-** | | **19,6** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| **ШММБ** | **22887,5** | | | | 438,7 | 1145,0 | 25,6 | 3539,5 | | 16870,3 | 868,4 | |
| Дене-тарбия жана спорт бөлүмү | **34,5** | | | | | | | | | | 34,5 | |
| **Жалпы:** | **22941,6** | **-** | **-** | **19,6** | **438,7** | **1145,0** | **25,6** | **3539,5** | **-** | **16870,3** | **902,9** | **-** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**Тиркеме 3**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кеңештин**
**14.03.2025-ж. №23/5-9 токтому**
**менен**

**Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен 36294,6 миң сомдук бош калган калдык, үнөм каражаттарына шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына же "Өнүгүү бюджетине" 2025-жылга иш-чаралар**

| № | Иш пландын аталышы | Болжолдуу сметтик баалары (миң сом) | Мекеме | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Көл шаардык Б.Рысбеков атындагы ЖДПБнун №2 жана №3 ҮДТ жайгашкан имаратты дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу ремонттон өткөрүүгө үлүш | 4991,8 | Мэрия | |
| 2 | Социалдык объектилерге баруучу ички жолдорду дем берүүчү грант аркылуу асфальттоого үлүш | 4921,2 | Мэрия | |
| 3 | Серый көчөсүнөн борбордук базарга чейинки негизги жолдорго дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу тротуар курууга үлүш | 4970,6 | Мэрия | |
| 4 | “Кайынды” балдар эс алуу борборунун административдик корпусун дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу капиталдык ремонттон өткөрүүгө үлүш | 2734,2 | Мэрия | |
| 5 | “Келечек” балдар бакчасынын жылуулук системасын дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу алмаштырууга үлүш | 799,5 | Мэрия | |
| 6 | “Баластан” балдар бакчасынын жылуулук системасын дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу алмаштырууга үлүш | 717,5 | Мэрия | |
| 7 | Кетмен-Төбө айылында Коомдук алдын алуу борборунун имаратын дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу ремонтоого үлүш | 980,1 | Мэрия | |
| 8 | Мэриянын имаратынын жылуулук системасын дем берүүчү (үлүштүк) грант аркылуу алмаштырууга үлүш | 691,5 | Мэрия | |
| 9 | 2024-жылы дем берүүчү грант аркылуу Токтогул атындагы №1 мектеп гимназиясынын спорт залын ремонттоо иштерин аткарууда пайда болгон кошумча жумуштар | 137,7 | Мэрия | |
| 10 | 2024-жылы Дем берүүчү грант аркылуу Ч.Түлөбердиев атындагы №2 мектептин спорт залын ремонттоо иштерин аткарууда пайда болгон кошумча жумуштар | 311,4 | Мэрия | |
| 11 | 2024-жылы Дем берүүчү грант аркылуу “Келечек” балдар бакчасынын терезелерин алмаштырууда пайда болгон кошумча жумуштарга | 348,1 | Мэрия | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | Балдар аянтчасын сатып алуу 8 комплект | 6000,0 | ШММБ | |
| 13 | Азиялык, дүйнөлүк мелдештерге катышып байгелүү орундарды алган спортчуларга сый-акы | 521,6 | ФК и спорт | |
| 14 | “Жыйым” үчүн төлөнө турган төлөмдөр | 78,4 | | |
| | Мэрия | 2,4 | Мэрия | |
| | Кеңеш | 0,6 | Кенеш | |
| | ФК жана спорт | 0,3 | ФК спорт | |
| | ГВК | 0,8 | ГВК | |
| | ШММБ | 8,3 | ШММБ | |
| | Редакция Кара-Көл нуру | 2,4 | Кара-Көл нуру | |
| | Маданият бөлүмү | 2,2 | Маданият | |
| | ШБББ | 62,5 | ШБББ | |
| | Жазы-Кечүү ААБ | 0,5 | Жазы-Кечүү | |
| | Кетмен-Төбө ААБ | 0,4 | Кетмен-Төбө | |
| 15 | Шаардык мэриянын киреше салыгына болгон карызын жабуу | 400,0 | Мэрия | |
| 15 | Шаардык ветеринардык кызматына малдарга чип басууга курулуш куруу (раскол) | 500,0 | ШММБ | |
| 16 | Кара-Көл шаарында жайгашкан кичи футбол аянтчаларынын сеткасын алмаштыруу ( 4-мектеп, Ак-Кыя, 2-мектеп) жана газон төшөө кызмат акысы (2-мектеп, 4-мектеп) | 1000,0 | ШММБ | |
| 17 | Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга реабилитация борборун уюуштурууга (А.Закирбаеванын каты) | 214,7 | ШБББ | |
| 18 | Кетмен-Төбө айылына “Беккари” чуңкурун куруу | 385,0 | ШММБ | |
| 19 | Борбордук китепкана, бала бакча, БЧҮ нө өрткө каршы сигнализация жана башка жумуштарына | 1291,3 | ШММБ | |
| 20 | Кара-Көл шаарына коомдук алдын алуу борборуна жеңил конструкциядан имарат курууга | 3000,0 | ШММБ | |
| 21 | Жеңиш аллеясындагы айкелдерди ремонттоо жана ажааткана куруу | 1300,0 | ШММБ | |
| | **Бардыгы:** | **36294,6** | | |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** |  | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03.2025-ж. №24/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Бюджеттик кодекси", "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" мыйзамдарынын тиешелүү беренелеринин талаптарына ылайык "Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө" шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун жана шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановананын билдирүү-маалыматтарын угуп, талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**. "Кара-Көл шаарынын 2025-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 16-декабрь 2024-ж. №14-2/17211 сандуу катынын негизинде Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде бекитилген **204 692,6 миң сомдук** сумма **балансташтырылып** 1,2,3,4,5-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

**2.** Кара-Көл шаарынын 2026-2027-жылдарга шаардык бюджеттин негизги параметрлери 1-тиркемеге ылайык жактырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79,103-беренелеринин талаптарынын негизинде шаардык бюджетти камсыз кылуу кызыкчылыгын коргоо, **балансташтыруу максатында** шаардык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (У.А.Жумашев), ШММБ (Г.С.Асилов), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов) жүктөлөөрү белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Ж.Т.Осмонкулов) мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (У.А.Жумашев) менен биргеликте салыктардын салыктык базаларынын аздыгынан түшүү, жоготууга учуроо жагдай пайда болсо *("выпадение, потерь доходов в бюджете")* эсеп-кысап анализдерин Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги менен шаардык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планына тактоо *("уточнение")* киргизүү боюнча иш алып баруусу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-бер. 4-п., 103-бер. 3-п. талабынын негизинде бул маселени чечүүдөн келип чыккан өзгөртүүлөр боюнча шаардык бюджеттин киреше, чыгаша бөлүктөрүнө тактоо *("уточнение")* киргизүү сунушталсын.

**5. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов):**

5.1. "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" мыйзамынын 6-беренесинин 3-пунктунун талабына ылайык шаардык бюджеттин 2025-жылга каралган чыгымдарды каржылоону биринчи кезекте

корголгон беренелер (эмгек акы, соц.фондго чегерүү, тамак аш, жеңилдиктер) жана коммуналдык кызмат боюнча жүзөгө ашырылуусу, ал эми калган чыгымдарды приоритеттүүлүгүнө жараша "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин" 107,113-беренелеринин талабынын негизинде бюджеттик жыл ичинде бюджеттин иш жүзүндө аткарылышын талдоонун жана бюджеттик жылдын аягына чейин кирешелердин аткарылышынын күтүлүүчү баалоосунун негизинде **шаардык бюджеттин балансташканын** эске алуу менен жүргүзүүсү сунушталсын.

5.2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-бер. 1,2,3-п.п. талабына ылайык жыл ичинде оперативдүү чечилүүчү маселелер боюнча бюджеттик мекемелердин беренелериндеги каражаттарды (корголгон беренелерден жана коммуналдык чыгымдардан сырткары) алардын өтүнүчтөрүнүн негизинде экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражаттардын ассигнованиелеринин чектеринде каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө **бюджеттин балансташканын эске алып каржылоо**, алардын бюджетине тактоо ("уточнение") киргизүү сунушталсын, анын ичинде:

- Каржылык жылдын ичинде кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү бюджеттик мекемелердин жылдык бюджеттик каражаттарынын жыйынды көлөмүнүн өлчөмүнөн **5 (беш) пайызынан** ашпоого тийиш экендиги белгиленсин.

- Бюджеттик мекемелердин сунуштарына ылайык каржылык жылдын ичинде беренеден беренеге жана бөлүмдөн бөлүмгө жылдыруу жолу менен каржылоо шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин уруксатынын негизинде ишке ашырылсын.

- Шаардык бюджетти аткаруу процессинде шаардык мэрия (Н.О.Орозбаев) шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында же **"Өнүгүү бюджетине"** бекитилген каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуксуз экендиги белгиленсин.

5.3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин талабына ылайык республикалык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелерге (шаардык мэриянын муниципалдык менчигинде турган объектилерди эске албаганда) шаардык бюджеттен каражат бөлүүгө жана каржылоого жол бербөө сунушталсын.

5.4. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-бер. 4-п. талабына ылайык пландан ашыкча жыйналган кирешелердин көлөмү жылдын жыйынтыгы менен гана аныкталуусу белгиленип, айдын, кварталдын жыйынтыгы менен пландан ашыкча жыйналган каражаттарды кийинки айдын, кварталдын пландуу чыгымдарына каржылоо сунушталсын.

**6**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эмгек келишими боюнча жалданган кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" №381-токтомуна ылайык шаардык мэрияга эмгек келишимдин негизинде эки жалданма кызматкерге айлык акы, Соцфондго чегерүүгө **1 563,0 миң сом** суммасында каражат каралганы эске алынсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин талабына ылайык 2025-жылдын 1-январына шаардык бюджет боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча **200,0 миң сом** суммасында белгиленсин.

**8.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин талабына ылайык жалпы шаардык бюджеттин чыгымдарынын *(атайын каражатсыз)* **193 167,6 миң сомдук** көлөмүнүн **1,1** (бир бүтүн ондон бир) пайызы, же **2 062,0 миң сом** өлчөмүндө шаардык мэриянын резервдик фонду болуп бекитилсин жана аталган каражат жалпы шаардык бюджеттин пландуу чыгымынын көлөмүнө жараша "Шаардык мэриянын резервдик фонду жөнүндө" Жобонун негизинде шаардык мэриянын тиешелүү буйруктарына ылайык каржылануусу белгиленсин.

**9.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-бер. 3-п. талабына ылайык бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы шаардык бюджеттин кирешесине кошуп эсептөөгө жатаары белгиленсин.

**10.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 2-п. талабына ылайык бюджеттик мекемелердин жетекчилери Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын талаптарын сактоону камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик алышаары жана бюджеттик мекемелердин бюджеттик каражаттарды сарптоо үчүн жоопкерчиликтүү болгон кызмат адамдары каржылык тартипти бузган жана кызматтык милдеттерин аткарбаган учурда, анын ичинде бюджеттик

каражаттарды негиздүү, максаттуу, мыйзамдуу сарпталышына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчилик тартышаары белгиленсин.

**11.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 1-п. талабына ылайык шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн **бюджеттин балансташканын эске алуу менен** каржыланышы жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын (Ж.Т.Осмонкулов) жоопкерчилигинде экендиги белгиленсин.

**12.** Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" Мыйзамдын 2-бөлүм 10-беренесинин, "Калкты жана аймакты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жөнүндө" Мыйзамдын 13-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамдын 27-бер. 1-п. 21)-п.п. талабынын негизинде өзгөчө кырдаал учурунда алардын кесепеттерин жоюуу максатында ШММБнын "Транспорттук кызмат көрсөтүү" беренесинде **200,0 миң сом "кол тийбес запас"** катары кармалуусу жана аталган каражатты өзгөчө кырдаалдар учурунда атайын түзүлгөн комиссиянын корутунду-чечиминин негизинде мэриянын буйругуна ылайык каржылоо сунушталсын.

**13.** "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамдын 17-беренесинин талабына ылайык ушул жылы кабыл алынган ченемдик укуктук актылар боюнча кошумча финансы ресурстарын талап кылынган чыгымдар "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин" 4-бер. 2-п. талабынын негизинде кийинки жылдык бюджетте бюджеттин акыбалына жараша каралаары белгиленсин.

**14.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптарынын негизинде ушул токтомго бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин экендиги белгиленсин.

**15.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79-бер. 3-подпунктунун талабына ылайык Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Ж.Т.Осмонкулов), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (У.А.Жумашев), ШММБгы (Г.С.Асилов) тарабынан даярдалган шаардык бюджеттин аткарылышы боюнча алты, тогуз айлык жана жылдык отчетторду шаардык мэрия (Н.О.Орозбаев) шаардык кеңешке өз убагында тапшыруусу сунушталсын.

**16.** Бул токтомдун аткарылышы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-бер. 1,2,3-п.п. талаптарынын негизинде шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов) жана мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (У.А.Жумашев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**Тиркеме 1**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кенештин**
**14.03.2025-ж. №24/5-9 токтому менен**

**Кара-Көл шаарынын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн 2025-жылга планы жана 2026-2027-жылдарга болжолу.**

| Аталышы | 2025-жылга кирешелердин долбоору | 2025-жылга чыгашалардын долбоору | 2025-жылга кирешелердин долбоору | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Өздүк кирешелер | Мамлекеттик салыктан болгон чегерүүлөр |
| **Кара-Көл** | 204692,6 | 204692,6 | 28118,8 | 176573,8 |

| 2026-жылга болжолу | | 2027-жылга болжолу | |
|---|---|---|---|
| киреше бөлүгү | чыгаша бөлүгү | киреше бөлүгү | чыгаша бөлүгү |
| 225338,7 | 225338,7 | 251366,4 | 251366,4 |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**Тиркеме 2**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кенештин**
**14.03.2025-ж. №24/5-9 токтому менен**

## Кара-Көл шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2025-жылга планы

| Элемент (8) | Кара-Көл шаары боюнча **жергиликтүү бюджет** Кирешелердин аталышы | 2025-ж. |
|---|---|---|
| | 1 | 2 |
| | **Кирешелер (трансфертсиз)+ (актив жана милдеттенмелер)** | **204692,6** |
| **1** | **Кирешелер** | **202692,6** |
| **11** | **Салыктык кирешелер** | **187432,0** |
| **111** | **Кирешеге жана пайдага салык** | **187242,0** |
| **1111** | **Кирешеге жана пайдага салык** | **187242,0** |
| **11111** | **Кыргыз Республикасынын резиденти-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы** | **176383,8** |
| 11111100 | Салык агенти төлөөчү киреше салыгы | 176383,8 |
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы | |
| **1112** | **Атайын режимдер боюнча салыктар** | **2250,0** |
| **11121** | **Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр** | **0,0** |
| 11121100 | Чакан ишкердик субъекттери үчүн бирдиктүү салык | 0,0 |
| **11122** | **Патенттин негизинде салык** | **2250,0** |
| 11122100 | Милдеттүү патенттин негизинде салык | 0,0 |
| 11122200 | Патенттин негизинде салык | 2250,0 |
| **113** | **Менчикке салык** | **8608,2** |
| **1131** | **Мүлк салыгы** | **4813,5** |
| **11311** | **Кыймылсыз мүлккө салык** | **368,5** |
| 11311100 | Турак жайга же жайга мүлк салыгы | 35,0 |
| 11311200 | Турак жай эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы | 333,5 |
| 11311300 | 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 0,0 |
| **11312** | **Кыймылдуу мүлккө салык** | **4445,0** |
| **113121** | **Транспорт каражаттарынан алынуучу салык** | **4445,0** |
| 11312100 | Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1810,0 |
| 11312200 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 2635,0 |
| **1132** | **Жер салыгы** | **3794,7** |
| **11321** | **Жер салыгы** | **3794,7** |
| 11321100 | Жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгы | 430,0 |
| 11321200 | Айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 54,7 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы | 3310,0 |
| **11412** | **Сатуудан алынуучу салык** | **0,0** |

| | | |
|---|---|---|
| 11412100 | Сатуудан алынуучу салык | 0,0 |
| **1146** | **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө башка салыктар** | **190,0** |
| 11462 | Роялти (акы төлөм) | 190,0 |
| **14** | **Салык эмес кирешелер** | **15260,6** |
| **1415** | **Ижара акысы жана жаратылыш ресурстарын иштеткендиги жана пайдалангандыгы үчүн акы төлөө** | **2812,6** |
| **14151** | **Пайдалуу кен чыккан жерлерди иштеткендиги үчүн акы төлөө** | **200,0** |
| 14151200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | 200,0 |
| 14152 | **Жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы** | **2612,6** |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 2500,0 |
| 14152200 | Жайыт жерлерди пайдалангандыгы үчүн акы | 110,0 |
| 14152600 | Жерди бөлүштүрүү Фондусунун жеринин ижарасы | 2,6 |
| **142** | **Товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер** | **12448,0** |
| **1421** | **Ижара үчүн акы** | **300,0** |
| **14211** | **Мүлк ижарасы үчүн акы төлөө** | |
| 14211100 | Мамлекеттик менчиктеги жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | |
| 14211200 | Муниципалдык менчиктеги жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | 300,0 |
| **1422** | **Администрациялык жыйымдар жана төлөмдөр** | **623,0** |
| **14221** | **Төлөмдөр** | **0,0** |
| 14221900 | Башка төлөмдөр | |
| **14224** | **Жыйымдар** | **623,0** |
| 14224200 | Таштанды үчүн жыйым | 573,0 |
| 14224410 | Этил спирти жана алкоголдук продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү боюнча иш жүргүзүү үчүн жыйымдар | 50,0 |
| **1423** | **Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр** | **11525,0** |
| 14232400 | Мектепке чейинки мекемелерге кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 8370,0 |
| 14234900 | Каттоо, күбөлүктөрдү жана башкаларды берүү боюнча классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөргө акы | 5,0 |
| 14236900 | Маалымат берүү жана басып чыгаруу боюнча классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр акысы | 150,0 |
| 14239400 | Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин келишим негизинде көрсөтүлгөн ведомство аралык кызматтарды көрсөткөндүк үчүн төлөм | 3000,0 |
| **143** | **Айыптар, санкциялар, конфискациялар** | 0,0 |
| 14311100 | Административдик айыптар | 0,0 |
| **1451** | **Башка салык эмес кирешелер** | 0,0 |
| 14511100 | Мамлекеттин пайдасына айланган кирешелер | |
| **3** | **Активдер жана милдеттенмелер** | **2000,0** |
| **31** | **Финансылык эмес активдер** | **2000,0** |
| 311 | Негизги фонддор | **0,0** |
| **3111** | **Имараттар жана курулмалар** | **0,0** |
| **31111** | **Турак - жай имараттары жана имарат жайлары** | |
| **31412** | **Айыл чарбасына жараксыз жерлер** | **2000,0** |
| 314121 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу | 2000,0 |
| | **Кирешелер (трансфертсиз) - атайын каражат - активдер жана милдеттенмелер** | **191 167,6** |

**Жооптуу катчы К.И.Нурматова**

Тиркеме 3

**Бекитилди:**

**Кара-Көл шаардык кенештин 14.03.2025-ж.**

**№24/5-9 токтому менен бекитилди**

**Кара-Көл шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча 2025-жылга**

Бюджеттик каражаттар

| Аталышы | Баары: | 2111 Айлык акы | 2121 Сод. фондго чегеруу | 2211 Сапардык чыгымд __ | 2212 Байланыш | 2100 Телефо н. жана факс байлан | 2900 Башка байланыштар | 2213 Ижара | 2214 Унаа чыгымдары | 2215 Башка чыгымдар | 2218 Тамак-аш | 2222 Чарб. максат. учун | 1100 Чарб. максат. учун | 1200 Канц. чыгымда Р | 2223 Атайын кийимде Р | 2231 Ком. Кызмат | 2231100 Суv | 2231200 Эл. энергия | 2231300 Жылуулук | 2721 Соц. жардам | 2823 Сот чечимин аткаруу | 2824 Резервдик фонд | 3111 Имарат, курулмалар | 3112 Унаа жана башка каражаттары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мэрия | 28430,2 | 16519,8 | 2319,0 | 408,6 | 361,1 | 100,0 | 261,1 | 70,0 | 437,2 | 2759,8 | | 506,7 | | | | 0,0 | | | | | | 2062,0 | 2666,0 | 320,0 |
| Жазы-Кечуу АБ | 2867,3 | 2404,7 | 327,4 | 20,0 | 23,0 | 2,6 | 20,4 | | | 72,7 | | 19,5 | | | | 0,0 | | | | | | | | |
| Кетмен-Төбө АБ | 3024,8 | 2605,7 | 358,1 | 20,0 | 20,4 | | 20,4 | | | 16,6 | | 4,0 | | | | 0,0 | | | | | | | | |
| Шаардык кецеш | 5966,8 | 3172,3 | 457,6 | 138,4 | 95,0 | 40 | 55,0 | | 435,8 | 173,5 | | 183,2 | | | | 0,0 | | | | | | | | 1311,0 |
| Мам. Кызмат - жалпы: | 40289,1 | 24702,5 | 3462,1 | 587,0 | 499,5 | 142,6 | 356,9 | 70,0 | 873,0 | 3022,6 | 0,0 | 713,4 | | | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2062,0 | 2666,0 | 1631,0 |
| Коргоо | 2150,8 | 1562,1 | 234,5 | 100,0 | 46,2, | 26,0 | 20,2 | | 80,0 | 78,0 | | 50,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| ШММБ | 121308,1 | 32126,0 | 4638,4 | 80,0 | 90,0 | 45,0 | 45,0 | 49,9 | 3365,4 | 15546,5 | | 2780,8 | | | 213,3 | 36400,0 | 3200,0 | 5500,0 | 27700,0 | | | | 22947,8 | 3070,0 |
| Аппарат мад. бөлуму | 50,0 | | | 20,0 | 0,0 | | | | | 30,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| ШМУ (мад. уйу) | 3994,4 | 3025,3 | 521,9 | 7,0 | 0,0 | | | | | 175,0 | | 91,2 | | | | | | | | | | | | 174,0 |
| Борборд. Китепкана | 3457,6 | 2659,6 | 458,8 | 35,0 | 0,0 | | | | | 53,7 | | 190,5 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | 60,,0 |
| Мад. уйунун эсепканасы | 1887,6 | 1332,9 | 200,5 | 42,1 | 54,0 | 18,0 | 36,0 | | | 109,4 | | 38,7 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | 110,0 |
| Дене-тарбия жана спорт | 6921,1 | 2395,1 | 326,3 | 60,0 | 16,0 | 50 | 11,0 | | | 3660,4 | | 45,0 | | | 368,3 | 0,0 | | | | | | | | 50,0 |
| Спорттук оюндар | 0,0 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| "Кара-Көл нуру" | 1384,6 | 1180,9 | 203,7 | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Маданият бөлуму - жалпы: | 17695,3 | 10593,8 | 1711,2 | 164,1 | 70,0 | 23,0 | 47,0 | 0,0 | 0,0 | 4 028,5 | 0,0 | 365,4 | 0,0 | | 368,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | 0,0 | 0,0 | 394,0 |
| Орто мектептер | 2174,6 | | | 80,0 | 0,0 | | | | | 291,9 | | 1562,7 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | 240,0 |
| Башталгыч мектептер | 0,0 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Бала-бакчалар | 2118,1 | | | | 0,0 | | | | | 30,0 | | 1630,6 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | 457,5 |
| Балдар спорт мектеби | | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Бал- чыгармачылык уйу | 100,0 | | | 100,0 | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| ШБББнын эсепканасы | 00 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| ШБББ: | 4392,7 | 0,0 | 0,0 | 180,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 321,9 | | 3193,3 | | | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | 0,0 | 0,0 | 697,5 |
| ШБББ аппараты | 0,0 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Балдар муз. мектеби | 0,0 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Балдардын жайкы эс алуу борбору | 3177,6 | | | | 0,0 | | | | | | 930,0 | 185,6 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | 2062,0 |
| ШБББ - жалпы: | 7570,3 | 0,0 | 0,0 | 180,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 321,9 | 930,0 | 3378,9 | | | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | 0,0 | 0,0 | 2759,5 |
| Соц. жедилдиктер | 4154,0 | | | | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | 4154,0 | | | | |
| Жалпы бюджеттик каражаттар: | 193167,6 | 68984,4 | 10046,2 | 1111,1 | 705,7 | 236,6 | 469,1 | 119,9 | 4318,4 | 22997,5 | 930,0 | 7288,5 | | | 581,6 | 36400,0 | 3200,0 | 5500,0 | 27700,0 | 4154,0 | 0,0 | 2062,0 | 25613,8 | 7854,5 |

Атайын каражаттар

| Аталышы | Баары: | 2111 | 2121 | 2211 | 2212 | 2100 | 2900 | 2213 | 2214 | 2215 | 2218 | 2222 | 1100 | 1200 | 2223 | 223 | 2231 | 2232 | 2233 | 2711 | | 2824 | 3111 | 3112 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мэрия | 10,0 | | | | 0,0 | | | | | 10,0 | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| ШММБ | 5,0 | | | | 0,0 | | | | | 5,0 | | | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Редак. Кара-Көл нуру | 150,0 | | | 3,6 | 23,4 | | 23,4 | | | 102,3 | | 20,7 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Билим беруу | 8370,0 | | | | 0,0 | | | | | | 8370,0 | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Балдардын жайкы эс алуу борбору | 2990,0 | 1280,0 | 222,0 | 5,1 | 0,0 | | | 60,0 | 66,0 | 50,0 | 1156,9 | 150,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| Балдар муз. мектеби | 0,0 | | | | 0,0 | | | | | 0,0 | | 0,0 | | | 0,0 | 0,0 | | | | | | | | |
| ШБББ - жалпы: | 11360,0 | 1280,0 | 222,0 | 5,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 60,00 | 66,0 | 50,0 | 9526,9 | 150,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Атайын каражат - жалпы: | 11525,0 | 1280,0 | 222,0 | 8,7 | 23,4 | | 23,,4 | 60,0 | 66,0 | 167,3 | 9526,9 | 170,7 | 0,0 | | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Бюджеттик каражаттар - жыйынтыгы: | 204692,6 | 70264,4 | 10268,2 | 1119,8 | 729,1 | 236,6 | 492,5 | 179,9 | 4384,4 | 23164,8 | 10456,9 | 7459,2 | | | 581,6 | 36400,0 | 3200,0 | 5500,0 | 27700,0,0 | 4154,0 | 0,0 | 2062,0 | 25613,8 | 7854,5 |

Жооптуу катчы К.И.Нурматова

**Тиркеме 4**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кеңештин**
**14.03.2025-ж. №24/5-9 токтому менен**

**Кыргыз Республикасынын Энергетика жана Финансы министрликтеринин “2024-2026-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө 2025-жылдын 10-январындагы №№13-3,2-П сандуу буйруктарынын негизинде Кара-Көл шаарынын бюджеттик мекемелеринин коммуналдык чыгымдарынын 2025-жылга электроэнергия жана жылуулук боюнча ЛИМИТИ**

| № | Мекеме | Суу | | Эл.энергия | | Жылуулук | | Баары: |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | м3 | (мин.сом) | Мин квт/саат | (мин.сом) | Г/калл | (мин.сом) | |
| 1 | Мэрия | 926,0 | 31,3 | 464,0 | 1976,6 | 317,8 | 3078,6 | 5086,5 |
| | **Баары мамл.кызмат** | **926,0** | **31,3** | **464,0** | **1976,6** | **317,8** | **3078,6** | **5086,5** |
| 2 | Шаардык аскер комиссариаты | 834,5 | 26,5 | 20,1 | 85,6 | 0,0 | 0,0 | 112,1 |
| | **Баары шаардык аскер комиссариаты:** | **834,5** | **26,5** | **20,1** | **85,6** | **0,0** | **0,0** | **112,1** |
| 3 | Шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы | 2411,0 | 73,9 | 1106,1 | 962,6 | 134,0 | 1298,3 | 2334,8 |
| | Сугат | | | | | | | |
| | **Баары ШММБ:** | **2411,0** | **73,9** | **1106,1** | **962,6** | **134,0** | **1298,3** | **2334,8** |
| 4 | Шаардык билим беруу бөлүмү | 113942,0 | 2927,4 | 484,3 | 2061,3 | 2424,5 | 15942,1 | 20930,8 |
| 5 | Балдар музыкалык мектеби | 1386,9 | 44,8 | 8,7 | 37,0 | 150,7 | 1459,6 | 1541,4 |
| | **Баары ШББ болуму:** | **115328,9** | **2972,2** | **493,0** | **2098,3** | **2575,1** | **17401,7** | **22472,2** |
| 6 | Шаардык китепкана | 338,9 | 10,3 | 12,3 | 52,3 | 173,4 | 1680,0 | 1742,6 |
| | **Баары шаардык китепкана:** | **338,9** | **10,3** | **12,3** | **52,3** | **173,4** | **1680,0** | **1742,6** |
| 7 | Маданият болуму | 2058,7 | 85,8 | 76,2 | 324,6 | 98,0 | 949,5 | 1359,9 |
| | **Баары маданият болуму** | **2058,7** | **85,8** | **76,2** | **324,6** | **98,0** | **949,5** | **1359,9** |
| 8 | Кетмен-Тобо | | | | | **400,0** | **3291,9** | **3291,9** |
| | **Баары:** | **121898,0** | **3200,0** | **2171,7** | **5500,0** | **3698,3** | **27700,0** | **36400,0** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**Тиркеме 5**
**Бекитилди:**
**Кара-Көл шаардык кеңештин**
**14.03.2025-ж. №24/5-9 токтому менен**

## Кара-Көл шаардык бюджеттин 2025-жылга 28413,8 миң сомдук каражатка шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасындагы "Өнүгүү бюджетинин" РЕЕСТРи

| № | Иш пландын аталышы | Сумма | Мекеме | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1 | М.Сабиров көчөсүндө 32 батирлүү үйдүн курулушун бүтүрүүгө | 18969,7 | ШММБ | |
| 2 | Лизинг аркылуу атайын техникаларды автовышка, мусоровоз, экскаватор, самосвал сатып алууга | 2800,0 | ШММБ | |
| 3 | Шаар ичине заманбап аялдама  куруу (3 даана) | 1978,1 | ШММБ | |
| 4 | Коомдук ажааткана куруу 3 жерге | 2000,0 | ШММБ | |
| 5 | Маданият үйүнө көрүүчүлөр залын Жалал-Абад өнүктүрүү фонду аркылуу ремонттоого өздүк салым | 2666,0 | Мэрия | |
| | **Бардыгы:** | **28413,8** | | |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03. 2025-ж. № 25/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаар аймагынын Кара-Көл шаардык кеңешинин Регламентин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №01-25/330 сандуу буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештердин Типтүү регламентинин негизинде иштелип чыккан Кара-Көл шаар аймагынын Кара-Көл шаардык кеңешинин Регламентинин долбоорун жана шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кара-Көл шаар аймагынын Кара-Көл шаардык кеңешинин Регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин. ( тиркелет)

**2.** Кара-Көл шаардык кеңешинин 16.03.2017-жылдагы № 6/3-7, 16.02.2018-жылдагы № 69/14-7, 05.03.2019-жылдагы № 144/26-7, 22.09.2020-жылдагы № 209/42-7 сандуу токтомдору тиркемелери менен күчүн жоготту деп табылсын.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

Тиркеме 1
Кара-Көл шаардык кеңешинин
14.03.2025-жылдагы № 25/5-9
токтому менен кабыл алынды.

**Кара-Көл шаар аймагынын Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**РЕГЛАМЕНТИ**

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Кара-Көл шаардык кеңеши
2. Шаардык кеңештин ыйгарым укуктары

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА ОРГАНДАРЫ

3. Шаардык кеңештин төрагасы жана орун басары
4. Шаардык кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктары
5. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары
6. Шаардык кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу
7. Шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары
8. Шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктары
9. Туруктуу комиссиялардын жыйындары
10. Туруктуу комиссиянын төрагасынын ыйгарым укуктары
11. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү
12. Депутаттык фракциялар
13. Фракциялардын жетекчилиги
14. Фракциялардын укуктары

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ИШИН УЮШТУРУУ

15. Шаардык кеңештин биринчи (уюштуруу) сессиясы
16. Шаардык кеңештин жана анын органдарынын ишин пландаштыруу
17. Шаардык кеңештин сессиясын даярдоонун жана өткөрүүнүн тартиби
18. Шаардык кеңештин кезексиз сессиясы
19. Сессиянын күн тартиби
20. Шаардык кеңештин сессиясындагы депутаттын укугу жана милдети
21. Депутаттык этика
22. Депутаттарга карата колдонулуучу чаралар
23. Шаардык кеңештин сессияларына, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына депутат эмес адамдардын катышуу тартиби

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ИШИ. ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУН ДАЯРДООНУН, КИРГИЗҮҮНҮН, КАРООНУН ЖАНА КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ

24. Токтомдун формасына жана түзүмүнө коюлуучу жалпы талаптар
25. Шаардык кеңешке токтомдун долбоорун киргизүүнүн тартиби
26. Шаардык кеңештин сессияларында маселелерди кароонун тартиби
27. Чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын узактыгы
28. Жарыш сөз (талкуулоо)
29. Шаардык кеңештин сессиясында чечим кабыл алуу
30. Добуш берүү жана анын түрлөрү
31. Эсептөө комиссиясынын иши

32. Кабыл алынган токтомдордун күчүнө киришинин тартиби
33. Шаардык кеңештин сессиясынын жана анын органдарынын протоколу
34. Шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН АЙРЫМ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ

35. Жергиликтүү бюджетти киргизүүнүн жана бекитүүнүн тартиби
36. Шаардык кеңештин шаар тургундарынын элдик ченем чыгаруу демилгесин кароо
37. Шаардык кеңештин мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракети
38. Шаардык кеңештин жарандык коомдун уюмдары менен өз ара аракети жана кызматташтыгы
39. Шайлоочулар менен иштөөнүн тартиби
40. Шаардык кеңештин ишмердүүлүгүнүн айкындуулугу
41. Шаардык кеңештин жооптуу катчысы
42. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

Кара-Көл шаардык кеңешинин бул Регламенти Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты.

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1. Кара-Көл шаардык кеңеши

1.1. Кара-Көл шаардык кеңеши – шаардын тиешелүү аймагында жашаган жарандар тарабынан жалпыга бирдей, тең, түз жана жашыруун добуш берүү аркылуу 5 жылдык мөөнөткө шайланган, 31 депутаттан турган, өзүнүн ишин коллегиялдык негизде жүзөгө ашырган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы болуп саналат.

1.2. Кара-Көл шаардык кеңеши (мындан ары – шаардык кеңеш), Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарында каралган ыйгарым укуктарынын чегинде шаар калкынын кызыкчылыгын колдойт жана тиешелүү аткаруучу органдар аркылуу маселелерди чечет жана ал чечимдердин аткарылышына көзөмөл кылат.

1.3. Шаардык кеңештин сессиялары, фракциялардын, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын жыйындары, депутаттык жана бюджеттик угуулар, кеңештин иши менен байланышкан башка иш-чаралар шаардык кеңештин ишинин формалары болуп эсептелинет.

1.4. Шаардык кеңештин иши мыйзамдуулук, коллегиялдуулук, обьективдүүлүк, маселелерди талкуулоону жана чечимдерди кабыл алууну эркин жүргүзүү принциптерине негизделет.

1.5. Шаардык кеңештин Регламенти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу тартибин, жол-жобосун жана анын ишин уюштурууну аныктайт.

1.6. Шаардык кеңештин өзүнө таандык мөөрү, штампы жана символикалары бар бланктары, банктык мекемелерде эсептик счету, жеке мүлкү бар, өз милдеттери боюнча жооп бере алган юридикалык жак, мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарын жана милдеттерин ишке ашыра алат, сотто жооп берүүчү жана дооматчы боло алат.

### 2. Шаардык кеңештин ыйгарым укуктары

2.1. Шаардык кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде, ушул регламентте белгиленген тартипте алар боюнча маселелерди карооо жана чечим кабыл алууга укуктуу.

2.2. Шаардык кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер каралат:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү, программалардын аткарылышы жөнүндө отчетту угуу;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин бекитүү, муниципалдык менчикти пайдаланууга көзөмөлдү ишке ашыруу:

а) муниципалдык менчик обьектилеринин реестрин бекитүү;

б) муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программасын бекитүү;

в) муниципалдык менчик обьектилерин ипотекага же күрөөгө коюуга макулдук берүү;

г) муниципалдык менчик обьектилерин сатууга, объектилерди муниципалдык менчикке сатып алууга макулдук берүү;

д) муниципалдык менчикти эсептен чыгаруунун тартибин бекитүү.

5) шаар мэриясынын иши жөнүндө мэрдин отчетун угуу;

6) тиешелүү мамлекеттик органдардын кароосуна киргизүү максатында административдик-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

7) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу;

8) кеңештин регламентин кабыл алуу;

9) шаардык кеңештин жылдык иш планын бекитүү;

10) шаардык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларын түзүү жана жоюу, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жеке курамын бекитүү жана алардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү, отчетторун угуу;

11) өз чечимдеринин аткарылышына көзөмөлдүк кылуу;

12) ичүүчү сууну, канализацияны, жылуулук менен жабдууну пайдалануу үчүн, ошондой эле турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу, башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн тарифтерди мыйзамдарга ылайык бекитүү;

13) жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташууга тарифтерди бекитүү;

14) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысы жана жери боюнча чектөөлөрдү тыюу салууга чейин белгилөө;

15) расымдык иш-чараларды өткөрүү эрежелерин бекитүү;

16) ирригациялык тармактарды, үйдү жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартибин белгилөө;

17) бюджетти, шаардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын жана анын компетенциясына кирген башка маселелерди аткарбагандыгынан улам шаар мэринин ээлеген кызматына шайкештиги жөнүндө маселени кароо тууралуу сунуш киргизүү;

18) шаар мэрине ишенбестик билдирүү;

19) шаардын аймагында көрктөндүрүү, соода, сырткы жарнактарды жана маалыматтарды жайгаштыруу эрежелерин бекитүү;

20) башка жергиликтүү кеңештер менен кызматташуу жана тажрыйба алмашуу боюнча иштерди уюштуруу;

21) шаар тургундарынын тарыхый жана маданий салттарын сактоо жана өнүктүрүү, маданияттын муниципалдык мекемелерин өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын планын бекитүү;

22) шаардын аймагында айлана-чөйрөнү коргоо жана санитардык тазалоону контролдоо, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча иш-чаралардын планын бекитүү;

23) шаардык кеңештин депутаттарынын өз шайлоочуларына отчет берүүсү, шайлоочулардын суроо-талаптарын аткаруу жана шайлоочулар менен иштөө боюнча иш-чаралардын ар жылдык планын бекитүү, депутаттардын отчетун угуу;

24) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жыйындарды, коомдук угууларды, курултайларды өткөрүү боюнча ар жылдык планын бекитүү;

25) жергиликтүү коомдоштуктун Уставын бекитүү, анын жоболорунун аткарылышын көзөмөлдөө;

26) шаардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо жана аларды биргеликте чечүү максатында шаар мэриясы менен бирдикте активдүү жарандарды, демилгечи топторду, жамааттарды, коомдук бирикмелерди, жаштарды, бизнес коомдоштуктарын жана башка кызыкдар жактарды тартуу боюнча иштерди жүргүзүү;

27) кызмат көрсөтүүгө баа берүүнү жүргүзүүнүн усулун, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын, жергиликтүү коомдоштуктун, донордук уюмдардын салымдарынын эсебинен жүзөгө ашырылуучу жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду, программаларды бекитүү, ошондой эле кошмо мониторингдин жана баа берүүнүн топтору, анын курамы жөнүндө жобону бекитүү жана ошол топтордун сунуштарынын негизинде тийиштүү чараларды кабыл алуу;

28) өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча коомдук пикирди эсепке алуу үчүн коомдук угууларды өткөрүү, алардын жыйынтыгы боюнча көрүлүүчү чараларды шаар мэрине тапшыруу;

29) депутаттардын өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөктөшүү үчүн шаардык кеңештин депутаттарынын коомдук башталыштагы коомдук жардамчыларын тартуунун тартибин бекитүү;

30) мыйзамдарга ылайык башка маселелерди чечүү.

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА ОРГАНДАРЫ

### 3. Шаардык кеңештин төрагасы жана орун басары

3.1. Шаардык кеңештин төрагасы сессияда депутаттардын ичинен жашыруун добуш менен шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

3.2. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди көрсөтүү укугу депутаттык фракцияга таандык. Ар бир депутаттык фракция бир гана талапкерди көрсөтүүгө укугу бар.

3.3. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү алар талапкер кылып сунуштаган депутатты көрсөтүү жөнүндө төрагалык кылуучуга сунуш берүү жолу аркылуу жүргүзүлөт.

3.4. Талапкерди көрсөтүү жөнүндө арыздар төрагалык кылуучу тарабынан күбөлөндүрүлөт жана аларды жашыруун добуш берүү үчүн бюллетенге киргизүү үчүн эсептөө комиссиясына берилет.

3.5. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкер депутаттардын алдында чыгып сүйлөйт, алардын суроолоруна жооп берет.

Чыгып сүйлөө үчүн ага 5 мүнөткө, суроолорго жооп берүү үчүн 2 мүнөткө, корутунду сөз сүйлөө үчүн  3 мүнөткө чейин сөз берилет.

3.6. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкер добуш берүү жол-жоболору башталганга чейин өзүн өзү алып кое алат, бул тууралуу төрагалык кылуучуга добуш бергенге чейин өзүнүн талапкерлигин алып коюу жөнүндө арызын жөнөтөт. Өзүн өзү алып коюу добуш берүүсүз кабыл алынат.

3.7. Талкуулоо токтотулгандан кийин эсептөө комиссиясы шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлер боюнча маалыматты (Ф.А.А.) жашыруун добуш берүү үчүн бюллетенге киргизет.

3.8. Шаардык кеңештин төрагасын шайлоо депутаттар тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Эгерде ага депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, төраганы шайлоо боюнча кворум түзүлдү  деп эсептелет.

Шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер төрага болуп шайланды деп эсептелет.

Эгерде:

- бир талапкер катталса, бирок добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добуштарын албай калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;

- эки талапкер катталса жана алардын бири да добуштардын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер депутаттардын добуштарынын тең санын алып калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;

- экиден ашык талапкер катталса жана алардын бири да депутаттардын добуштарынын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда талапкерлердин бири добуштардын көбүрөөк санын алса, ал эми кийинки эки талапкер добуштардын тең санын алса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер добуштардын көбүрөөк тең санын алса, ал эми башка талапкерлер азыраак добуш алса, добуштардын көбүрөөк тең санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт.

Эгерде биринчи турда бардык талапкерлер добуштардын тең санын алса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында ушул пунктта каралбаган башка кырдаалдар келип чыккан учурда, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде талапкерлер үчүн дегенге караганда депутаттардын добуштарынын көпчүлүгү "бардык талапкерлерге каршы" позициясы үчүн берилсе, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде ушул Регламентте белгиленген мөөнөттөрдө бир дагы талапкер катталбаса, же болбосо катталган талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде кайра шайлоого бир дагы талапкер катталбаса, же болбосо катталган талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

Шаардык кеңештин төрагасын шайлоо, эгерде:

- кворумдун жоктугунан улам эки жолу болбой калса, кайра шайлоо өткөрүлөт;

- эки жолу өткөрүлсө, бирок талапкерлер добуштардын зарыл санын албай калса, кайра шайлоо өткөрүлөт.

## 4. Шаардык кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктары

4.1. Шаардык кеңештин төрагасы:

- шаардык кеңештин сессияларын чакырат жана алып барат;
- шаардык кеңештин иш планын бекитүү үчүн сессияга чыгарат;
- шаардык кеңештин сессияларын даярдоого жалпы жетекчилик жүргүзөт, маселелерди алдын ала кароо жана алар боюнча тийиштүү корутундуларды (чечимдерди) чыгарып сессиянын күн тартибине киргизүү үчүн туруктуу комиссияларга жөнөтөт;
- шаардык кеңештин сессиясынын кароосуна чыгарылган маселелердин даярдыгын көзөмөлдөйт;
- шаардык кеңештин сессиясынын күн тартибин түзөт;
- шаардык кеңештин токтомдоруна кол коет жана алардын жарыяланышына жана аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;
- шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларынын ишин координациялайт;
- фракциялардын ишине көмөктөшөт;
- шаардык кеңештин төрагасынын орун басарынын/орун басарларынын жана туруктуу (убактылуу) комиссияларынын төрагаларынын өз милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөйт;
- депутаттарга өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга, жарандарды кабыл алуусуна, шайлоочулардын алдында отчет берүүсүнө көмөктөшөт, аларды маалыматтар менен

камсыз кылат, депутаттардын укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди карайт;

- шаардык кеңештин жана анын органдарынын ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылат;
- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана жарандар менен болгон мамиледе шаардык кеңештин атынан чыгат;
- шаардык кеңештин жергиликтүү коомдоштуктар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү жана тиешелүү аймакта жайгашкан башка юридикалык жактар менен өз ара аракеттерин уюштурат;
- шаардык кеңештин, анын органдарынын аброюн, депутаттардын ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо жана сактоо боюнча чараларды кабыл алат;
- мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө өтүнүч берет;
- ушул Регламентке жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык башка маселелерди чечет.

4.2. Шаардык кеңештин төрагасы өзүнүн компетенциясынын чектеринде тескеме (буйрук) чыгарат. Төраганын тескемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы келген учурда, ал шаардык кеңештин сессиясында депутаттар аркылуу жокко чыгарылышы мүмкүн.

## 5. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары

5.1. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары шаардык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнө төраганын берген сунушу боюнча шаардык кеңештин сессиясында депутаттардын ичинен депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарларын шайлоодо добуш берүү ачык болот.

Шаардык кеңештин төрагасынын 2 орун басары болот.

5.2. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары өз ишин коомдук башталышта аткарат.

5.3. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары:

-шаардык кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат;

-шаардык кеңештин төрагасы жок болгон учурда же ал өзүнүн иш-милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда төраганын иш-милдеттерин аткарат, ошондой эле төраганын тапшыруусу боюнча сессияларды алып барат.

## 6. Шаардык кеңештин төрагасынын жана анын орун басарларынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу

6.1. Шаардык кеңештин төрагасы жана анын орун басарлары алардын жеке өтүнүчү боюнча, ошондой эле алар өздөрүнүн милдеттерин аткара албай калган шарттарга байланыштуу ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотот. Мындай учурда төрага жана анын орун басары ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселесин жазуу жүзүндө кеңешке кайрылат. Мындай учурда ачык добуш берүү аркылуу депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен өтүнүч кабыл алынат.

6.2. Өздөрүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда шаардык кеңештин сессиясында ачык добуш берүү жолу менен шаардык кеңештин төрагасы, төрагасынын орун басары ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн. Шаардык кеңештин төрагасын, төраганын орун басарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу маселе эң кем дегенде депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси боюнча киргизилет.

6.3. Шаардык кеңештин төрагасын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу чечим депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмесинин ачык добуштары менен, ал эми төраганын орун басарын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу чечим, депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк ачык  добушу менен кабыл алынат.

## 7. Шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

7.1. Шаардык кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин жүзөгө ашырууга катышуу, шаарда жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына контролдук кылуу үчүн туруктуу комиссиялар түзүлөт. Зарыл болгон учурда шаардык кеңеш тарабынан ошондой эле убактылуу комиссиялар түзүлүшү мүмкүн.

Шаардык кеңештин карамагына кирген маселелер тиешелүү туруктуу комиссиялар тарабынан алдын ала каралбай туруп, сессияда каралышы мүмкүн эмес.

7.2. Туруктуу комиссиялар шаардык кеңештин түзүмдүк бөлүгү болуп саналат жана шаардык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнө токтом кабыл алуу менен түзүлөт жана депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

7.3. Туруктуу комиссиялар шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Туруктуу комиссиялардын курамына кеңештин төрагасы жана анын орун басары шайлана албайт.

7.4. Туруктуу комиссиянын сандык курамы: 5 депутаттан кем болбоого жана 7 депутаттан көп болбоого тийиш.

7.5. Шаардык кеңештин депутаты бир гана туруктуу комиссияга мүчө боло алат жана туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү бирдей укукка ээ. Комиссия мүчөсүнүн ыйгарым укуктары кеңеш тарабынан анын өтүнүчү боюнча, ошондой эле ага өз милдеттерин аткарууга мүмкүндүк бербеген жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

7.6. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү өздөрүнүн курамынан алардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен комиссиянын төрагасын жана орун басарын шайлашат.

7.7. Комиссиянын төрагасы жана орун басары өзүнүн милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда комиссиянын көпчүлүк мүчөлөрүнүн чечими боюнча жаңыдан шайланышы мүмкүн.

7.8. Туруктуу комиссиялар шаардык кеңештин алдында жоопкер жана ага отчет берет. Кезектеги жыл аяктагандан кийин туруктуу комиссиялар өзүнүн иши жөнүндө шаардык кеңешке отчет беришет.

7.9. Ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн аралыгында, зарылчылыкка жараша, шаардык кеңеш жаңы туруктуу комиссияны түзүүгө, мурда түзүлгөндөрдү жоюуга жана кайра түзүүгө, алардын курамына өзгөртүү киргизүүгө укугу бар.

## 8. Шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктары

8.1. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн компетенцияларынын чектеринде карамагына кирген маселелерди даярдоону жана алдын ала кароону ишке ашырат, тийиштүү корутунду же чечим менен аларды кеңештин кароосуна киргизет;

Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) тиешелүү аймакта социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктураны өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо маселелери боюнча сунуштарды кеңешке киргизет;

2) шаардык кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролду ишке ашырат;

3) өзүнүн ишине илимпоздорду, адистерди, көз карандысыз эксперттерди, жарандык коомдун өкүлдөрүн жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүн жана башка адамдарды тартууга укуктуу;

4) иш-аракеттеринин майнаптуулугун жана натыйжалуулугун аныктоо максатында шаардык кеңеш кабыл алган ченемдик укуктук актылардын мониторингин жана аларга баа берүүнү шаардык кеңеш белгилеген тартипте туруктуу негизде жүргүзөт.

8.2. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча шаар мэриясынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин угууга укуктуу.

8.3. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнө караштуу аймакта жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

## 9. Туруктуу комиссиялардын жыйындары

9.1. Туруктуу комиссиялардын жыйындары комиссиянын иш планына ылайык чакырылат.

9.2. Туруктуу комиссиялар алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча тийиштүү чечимдерди же корутундуларды кабыл алат.

9.3. Туруктуу комиссиялардын жыйындары коомчулук үчүн ачык болуп саналат, кызыкдар болгон бардык тараптар туруктуу комиссияларлардын жыйындарына ушул Регламентте белгиленген тартипте катышууга укуктуу.

9.4. Эгерде мыйзамдарга ылайык каралып жаткан маселе мамлекеттик сырга тийиштүү болгон учурда туруктуу комиссиянын мүчөлөрү комиссиянын жашыруун жыйынын өткөрүү тууралуу чечим кабыл алат.

9.5. Комиссиянын төрагасы жыйынды өткөрүү датасы жана анда каралуучу маселелер тууралуу 1-3 календардык күндөн кеч эмес комиссиянын мүчөлөрүнө, шаардык кеңештин төрагасына жана анын орун басарына кабарлайт, ошондой эле жарандарга, чакырылган адамадарга алдын ала маалымдоо боюнча чараларды кабыл алат.

9.6. Эгерде жыйынга комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымынан ашыгы катышса, анда ал укук ченемдүү болуп эсептелет. Комиссиянын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

9.7. Туруктуу комиссиянын төрагасы өзүнүн демилгеси менен, ошондой эле, комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн биринин, шаардык кеңештин төрагасынын талабы боюнча да комиссиянын жыйынын чакыра алат.

9.8. Туруктуу комиссиянын жыйынына кеңеш берүүчү добуш укугу менен ошол комиссияга мүчө эмес депутаттардын, ошондой эле шаардык кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын, шаар мэринин катышууга укугу бар, алар талкууланган маселе боюнча сөз сүйлөөгө жана талкууланган маселе боюнча өз пикирин билдирүүгө укуктуу.

9.9. Комиссиянын чечимине, корутундусуна туруктуу комиссиянын төрагасы кол коет, ал жокто анын орун басары кол коет.

9.10. Шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын иштерин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (орун-жай, эмеректер, кенсе товарлары ж.б. менен камсыз кылуу) кеңештин аппаратына жүктөлөт.

9.11. Бир нече туруктуу комиссиялардын карамагына кирген маселелер комиссиялардын демилгеси менен, ошондой эле шаардык кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча туруктуу комиссиялардын кошмо жыйыны уюштурулушу мүмкүн.

## 10. Туруктуу комиссиянын төрагасынын ыйгарым укуктары

10.1. Туруктуу комиссиянын төрагасы:

1) комиссиянын жыйындарына төрагалык кылат;

2) комиссиянын дарегине келип түшкөн документтер жөнүндө комиссиянын мүчөлөрүнө түздөн-түз же жооптуу катчы (же аппарат кызматкери) аркылуу маалымдайт;

3) комиссиянын мүчөлөрү, жооптуу катчы, шаардык кеңештин төрагасы менен бирдикте бир жылга туруктуу комиссиянын иш планын түзөт;

4) туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү менен бирдикте комиссиянын жыйынынын күн тартибинин долбоорун түзөт;

5) комиссиянын жыйынын чакырат жана зарыл документтерди жана башка материлдарды даярдоону уюштурат;

6) комиссиянын ишине байланыштуу материалдар жана документтер менен комиссия мүчөлөрүн тааныштырат;

7) жыл сайын шаардык кеңештин сессияларында туруктуу комиссиянын ишинин жыйынтыктары жөнүндө отчет берет.

## 11. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү

11.1. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) туруктуу комиссиялардын жыйынында кароо үчүн сунуштарды киргизүүгө;
2) комиссиянын иш планы, комиссиянын жыйындарынын күн тартиби боюнча, талкуулануучу маселелерди кароонун тартиби жана анын маңызы боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
3) комиссияда каралып жаткан маселелер боюнча кызмат адамдарынын жана башка адамдардын маалыматтарын угуунун зарылдыгы жөнүндө сунуш киргизүүгө;
4) комиссиянын чечимдеринин, корутундуларынын долбооруна сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
5) өзүнүн сунуштарын негиздөө менен чыгып сүйлөөгө, маалымат берүүгө;
6) комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат алууга;
7) туруктуу комиссиянын жыйындарына онлайн форматында (ватсап, зум) катышууга
11.2. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү төмөндөгүлөргө милдеттүү:
1) ушул Регламенттин жоболорун сактоого;
2) өзү мүчөсү болуп саналган туруктуу комиссиялардын бардык жыйындарына катышууга. Комиссиянын жыйынына жүйөлүү себептерден улам катышууга мүмкүнчүлүгү болбой калган учурда комиссиянын төрагасына жазуу же оозеки жүзүндө билдирүүгө;
3) шаардык кеңештин жана анын комиссияларынын компетенцияларына кирген маселелерлерге арналган иш-чараларга катышууга;
4) ал кабыл алган чечимдерди жүзөгө ашырууга активдүү катышууга, комиссиянын тапшырмаларын аткарууга.

## 12. Депутаттык фракциялар

12.1. Депутаттык фракция (мындан ары – фракция) — тизме боюнча бир саясий партиядан шайланган шаардык кеңештин депутаттарынын бирикмеси. Фракция өзүнүн курамына башка партиялардан өткөн депутаттарды кошууга укуксуз.
12.2. Фракция анын түзүлгөнү, аталышы, курамынын тизмеси, лидеринин фамилиясы жана фракциянын башка жетекчилери жөнүндө жарыяланган учурдан тартып расмий статуска ээ болот.
12.3. Мөөнөтүнөн мурда кеткен депутаттын ордуна келген депутат, мандат алган учурдан тартып тиешелүү фракциянын мүчөсү болуп калат.
12.4. Бир саясий партиядан шайланган депутаттын ошол эле партиянын фракциясына кирүүдөн баш тартуусуна жол берилбейт.
12.5. Фракция ушул Регламенттин негизинде ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.
12.6. Фракция алар боюнча саясий көз карашын аныктоо үчүн шаардык кеңеш карай турган маселелерди алдын ала кароого укуктуу. Фракция кароонун натыйжалары боюнча фракция мүчөлөрү үчүн милдеттүү чечим кабыл алат. Фракция ушул Регламентте белгиленген тартипте, өз мүчөлөрүнө түзөтүүлөрдү киргизүү жана жарыялоо үчүн ыйгарым укуктарды берүүгө укуктуу.
12.7. Партиянын ишинин токтотулушу же токтотулуп турушу шаардык кеңештеги анын фракциясынын укуктук абалына таасирин тийгизбейт.
12.8. Фракциянын иши төмөнкү учурларда токтотулат:
- шаардык кеңештин ыйгарым укуктары токтогондо;
- шаардык кеңеш өзүн өзү таратканда.

## 13. Фракциялардын жетекчилиги

13.1. Фракциянын жетекчисин ошол саясий партиядан шайланган депутаттар шайлаган лидер жетектейт.
13.2. Фракция лидеринин ыйгарым укуктары:
-шаардык кеңеште жана анын чегинен тышкары фракциянын атынан чыгат;
-фракциянын ишин уюштурат жана координациялайт;
-фракциянын чечимдерине кол коёт;
-ички фракциялык тартипти контролдоону жүзөгө ашырат;
-фракциянын чечими боюнча шаардык кеңештин түзүмдөрүнө (комиссияга) талапкерлерди сунуш кылат;
-фракциянын чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

-фракциянын чечими боюнча жыйналышта талкууланып жаткан маселе боюнча анын саясий көз карашын жарыялайт;

-шаардык кеңештин жетекчилиги жана шаар мэриясы, жергиликтүү администрациялар менен фракциянын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат;

-эсептөө комиссиясынын курамына өкүлдөрдү сунуш кылат;

-шаардык кеңештин, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын жыйналыштарына, ошондой эле шаардык кеңештин иш-чараларына фракциянын мүчөлөрүнүн катышуусун камсыз кылат;

-ушул Регламентке ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

13.3. Фракциянын лидери бир эле учурда төраганын, төраганын орун басарларынын кызмат орундарын ээлей албайт.

## 14. Фракциялардын укуктары

14.1. Фракция төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- шаардык кеңеш карап жаткан маселелер боюнча саясий көз карашын билдирүүгө;
- төрагага шаардык кеңештин кезексиз жыйналышын чакыруу жөнүндө сунуш киргизүүгө;
- фракциянын өкүлү фракциянын атынан билдирүүлөрдү, баяндамаларды, кошумча баяндамаларды, билдирмелер жана сунуштар менен чыгып сүйлөөгө;
- башка фракциялар менен биргелешкен жыйналыштарга катышууга, фракциянын жыйналышына кызыкдар адамдарды чакырууга, эксперттер жана адистер менен кеңешүүгө;
- шаардык кеңештин ар жылдык жумуш планы боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларынын курамына фракция мүчөлөрүнүн талапкерлигин сунуш кылууга жана аларды чакыртып алуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- шаардык кеңештин ыйгарым укуктарына таандык болгон кызмат адамдарын шайлоо, бошотуу, бекитүү, жактыруу, макулдук берүү, дайындоо боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- айрым маселелерди иликтөө боюнча жумушчу топторун түзүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- шаардык кеңештин жыйналышынын протоколуна киргизүү үчүн кандай гана болбосун талкууланып жаткан маселе боюнча фракциянын өзгөчө пикирин берүүгө;
- фракциянын материалдарын жана документтерин жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого;
- фракция мүчөлөрүнүн аракеттерине шайлоочулардын кайрылууларын кароого жана фракциялык тартипти чыңдоо максатында зарыл чараларды көрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын жана ушул Регламентте каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ИШИН УЮШТУРУУ

## 15. Шаардык кеңештин биринчи (уюштуруу) сессиясы

15.1. Жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи сессиясы мурдагы чакырылыштагы кеңештин төрагасы тарабынан (эгерде мыйзамда башкача жазылбаса) шайлоонун расмий жыйынтыктары жарыялангандан кийин эки жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен чакырылат.

Биринчи сессияны даярдоону шаардык кеңештин аппараты (жооптуу катчы) жүргүзөт.

15.2. Шаардык кеңештин аппараты (мындан ары — Аппарат), жооптуу катчысы (мындан ары — катчы) биринчи сессияга 3 күн калганга чейин депутатка төмөнкү маалыматтарды жиберет:

- жаңы шайланган депутаттар жөнүндө маалыматты;
- аппарат кызматкерлеринин, жоопту катчынын байланыш телефондорун;

-сессия өтүүчү жайды жана убактысын.

15.3. Шаардык кеңештин биринчи сессиясын тиешелүү шаардык кеңештин жаш курагы боюнча улуу депутаты ачат, кеңештин төрагасы шайланганча сессияны алып барат.

15.4. Шаардык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса укук ченемдүү болот.

15.5. Төрагалык кылуучу шаардык кеңешке шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматты жарыялоо үчүн аймактык шайлоо комиссиянын төрагасына сөз берет.

15.6. Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы шаардык кеңештин депутаттарына белгиленген үлгүдөгү мандатын ырастоочу күбөлүк жана төш белгини тапшырат.

15.7. Шаардык кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мандат тапшырылган күндөн тартып башталат.

15.8. Жаңы чакырылыштагы шаардык кеңештин депутаттары ыйгарым укуктарына киришкенден кийин төмөнкү маселелерди биринчи кезекте кароого тийиш:

- төраганы жана анын орун басарын шайлоо үчүн эсептөө комиссиясын түзүү;
- төраганы жана анын орун басарларын шайлоо;
- шаардык кеңештин чечими боюнча биринчи кезекте каралуучу маселелердин катарына башка да маселелер киргизилиши мүмкүн.

15.9. Жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди кароонун ирети сессиянын күн тартибинде аныкталат.

## 16. Шаардык кеңештин жана анын органдарынын ишин пландаштыруу

16.1. Шаардык кеңеш, анын туруктуу комиссиялары жана фракциялары иш планын бир жылга түзөт. Шаардык кеңештин иш планы тууралуу маселе биринчи сессия өткөрүлгөн соң кийинки сессиянын күн тартибине киргизилет.

16.2. Шаардык кеңештин иш планы шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары, туруктуу комиссиялардын төрагалары, фракциялардын лидерлери, жооптуу катчысы менен бирдикте шаардык кеңештин төрагасы тарабынан түзүлөт, зарылчылыкка жараша шаарда жайгашкан уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилери чакырылат.

16.3. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиясынын иш планы шаардык кеңештин иш планынын негизинде туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү, жооптуу катчысы, шаардык кеңештин төрагасы менен бирдикте түзүлөт.

16.4. Иш планга бир жыл аралыгында шаардык кеңештин сессияларында, туруктуу комиссиялардын жана фракциялардын жыйындарында карала турган маселелер киргизилет.

16.5. Шаардык кеңештин курамы, туруктуу комиссиялардын курамы, ошондой эле иш пландары шаардагы маалымат такталарына документтердин көчүрмөлөрүн жайгаштыруу аркылуу шаар тургундарына маалымдалуусу шарт.

## 17. Шаардык кеңештин сессиясын даярдоонун жана өткөрүүнүн тартиби

17.1. Шаардык кеңештин сессиясы карамагына кирген маселелерди коллективдүү талкуулоо жана ал боюнча тийиштүү чечим кабыл алына турган, ишинин эң негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп саналат.

17.2. Шаардык кеңештин сессиясы дептуттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышканда укук ченемдүү (кворум) болот.

17.3. Шаардык кеңештин сессиясында депутаттарды каттоо башталгандан кийин 10 мүнөттүн кийин кворум болбосо, төрага 10 дон 30 мүнөткө чейин тыныгуу жарыялайт. Эгерде тыныгуудан кийин да кворум камсыз кылынбаса, анда сессияга төрагалык кылуучу тарабынан кворум жоктугуна байланыштуу сессияны башка убакытка же күнгө жылдырылат.

17.4. Шаардык кеңештин сессиясын төрага чакырат:

- өзүнүн демилгеси боюнча;
- дептуттардын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин (жазуу жүзүндөгү) демилгеси боюнча;
- шаар мэринин сунушу боюнча.

17.5. Шаардык кеңештин сессиясы кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Белгиленген мөөнөттө чакырылуучу сессиялардан тышкары, кезексиз сессиялар өткөрүлүшү мүмкүн.

17.6. Шаардык кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык болуп саналат. Сессияга ушул Регламентте каралган тартипте бардык кызыкдар адамдар катышууга укуктуу.

17.7. Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жашыруун сыр болуп саналса, шаардык кеңеш жабык сессия өткөрүү боюнча чечим кабыл алышы мүмкүн.

17.8. Шаардык кеңештин сессиясын чакыруу тууралуу жарыя сессияга чейин 5 календардык күндөн кечиктирилбестен, депутаттарга, тийиштүү шаар тургундарына жеткиликтүү, көрүнүктүү жерлерге илинүүгө тийиш.

17.9. Шаардык кеңештин сессиясына катышуучу депутаттардын саны каттоонун натыйжалары боюнча аныкталат. Дептуттарды каттоону жооптуу катчы жүргүзөт, каттоо ар бир сессиянын алдында жана каттоонун убактысы көрсөтүлүү менен сессия аяктаганга чейин жүргүзүлөт. Депуттарды каттоо журналы жооптуу катчыда (же кеңештин төрагасында) сакталат.

17.10. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык тиешелүү документ менен тастыкталган ооруу, иш сапары жана башка себептер сессияга депутаттын катышпай калышынын жүйөлүү себептери болуп саналат. Мындай учурда депутат кеңештин төрагасына сессияга катышпай калышынын жүйөлүү себептерин тастыктаган документти тапшырат.

17.11. Сессияларга бир жыл аралыгында төрт жолудан ашык жүйөлүү себептерсиз катышпай калган депутатка карата, депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен депутаттык ыйгарым укуктарын токтотуу тууралуу чечими кабыл алынат. Мындай чечим күчүнө киргенден кийин (жарыяланган күндөн баштап) ыйгарым укуктарын токтотуу үчүн аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

## 18. Шаардык кеңештин кезексиз сессиясы

18.1. Кечиктирилгис маселелерди чечүү үчүн шаардык кеңештин төрагасы өзүнүн демилгеси же шаар мэринин, депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринин сунушу боюнча кезексиз сессия чакырууга укуктуу.

18.2. Кезексиз сессияны чакыруу боюнча кеңештин төрагасынын сессияда каралуучу маселелерди көрсөтүү жана аны чакыруунун зарылдыгын негиздеген маалымдама депутаттарга жөнөтүлөт.

18.3. Кезексиз сессия сунуш келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндөн кеч эмес убакытта чакырылат. Кезексиз сессиянын күн тартиби жана зарыл каралуучу маселелердин материалдары депутаттарга жана чакырылган адамдарга кезексиз сессия өткөргөнгө чейин 1 календардык күн мурун таркатылат.

18.4. Өзгөчө кырдаал жаралган учурда шаардык кеңештин төрагасы депутаттарды, чакырылуучу адамдарды жана шаар тургундарын маалымдоонун мөөнөтүн сактабастан кезексиз сессияны чакырууга укуктуу.

## 19. Сессиянын күн тартиби

19.1. Сессиянын күн тартибинин долбоору шаардык кеңештин иш планынын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын, депутаттардын, шаар мэринин сунуштарынын негизинде сессия күнүнө чейин 5 күн мурда түзүлөт. Өзгөчө кырдаал жаралган учурларда кечиктирилгис түрдө түзүлөт.

19.2. Күн тартибинин долбоорунун маселелери алар туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында алдын ала каралгандан кийин төрага тарабынан киргизилет.

19.3. Өткөрүлө турган жайы жана убактысын белгилөө менен төрага тарабынан аныкталган сессиянын күн тартибинин долбоору, сессияда каралууга тийиш болгон токтомдордун долбоорлору жана башка документтер менен материалдар сессия башталганга чейин 1- 3 календардык күн мурда депутаттарга жана чакырылган адамдарга таркатылат. Күн тартибинин долбоору бир эле учурда маалымат такталарына жайгаштырылат.

19.4. Эгерде шаардык кеңештин депутаттары зарыл деп эсептешсе, сессиянын күн тартибинин долбоору жергиликтүү маалымат булактарына жарыя кылынат.

19.5. Сессиянын күн тартибинин долбоору төрага тарабынан негиз катары кабыл алуу үчүн добушка коюлат.

19.6. Сессияда негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

19.7. Сессияда негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбоорун жаңы маселе менен толуктоо тууралуу сунуш, эгерде сунуш кылынган маселе мурда туруктуу комиссияларында каралган болсо гана, катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу менен киргизилет.

## 20. Шаардык кеңештин сессиясындагы депутаттын укугу жана милдети

20.1. Шаардык кеңештин депутаты төмөндөгүлөргө укуктуу:

- кеңештин органдарын шайлоого жана аларга шайланууга;
- кеңештин жана анын органдарынын кароосу үчүн маселелерди сунуш кылууга;
- жарыш сөздөргө катышууга, суроо-талап менен кайрылууга, баяндамачыга суроолорду берүүгө;
- кеңешке отчет берүүчү органдын же кызмат адамынын сессияда отчетун угуу, ошондой эле башка органдардын жана кызмат адамдарынын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтарын угуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- өзүнүн сунуштарын негиздөө менен жана добуш берүүнүн түрү боюнча чыгып сүйлөөгө, маалымат берүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Регламентте ага берилген башка укуктардан пайдаланууга.

20.2. Шаардык кеңештин депутаты төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- ар бир сессиянын алдында каттоодон өтүүгө жана сессияга толук катышууга;
- регламентти, сессиянын күн тартибин жана төраганын укук ченемдүү талаптарын сактоого;
- колун көтөрүү аркылуу сөз сүйлөөгө;
- жүрүм-турум этикасынын эрежелерин сактоого;
- чыгып сүйлөгөндө катышып жаткандардын ар-намысына жана кадыр-баркына акарат келтирген орой, мазактоочу сөздөрдү колдонбоого, мыйзамсыз аракеттерге чакырбоого, жалган маалыматтарды пайдаланбоого;
- сессия учурунда сыртка чыгууда төрагадан уруксат алууга.

20.3. Өзүнүн милдеттерин аткарбаган учурда депутаттын мыйзам чегинде жоопкерчилиги каралышы мүмкүн.

20.4. Шаардык кеңештин депутаты анын жеке кызыкчылыгына байланыштуу, башкача айтканда ал үчүн, анын жубайы, алардын ата-энелери, балдары, бир туугандары үчүн материалдык жактан пайдалуу маселелер кеңештин сессияларында каралган учурда катышууга жана добуш берүүгө тийиш эмес.

## 21. Депутаттык этика

21.1. Шаардык кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарган учурда жеке жана коомдук кызыкчылыктардын кагылышуусунан (мындан ары кызыкчылыктардын кагылышуусу) качууга милдеттүү.

21.2. Кызыкчылыктардын кагылышуусу жаралган учурда депутат өзүн депутаттык этиканын кодексине ылайык алып жүрүүгө милдеттүү. Депутат өзүнүн ак ниеттүүлүгүнө коомчулукта шектенүү пайда кылбашы үчүн аракет кылууга тийиш.

21.3. Шаардык кеңештин, туруктуу жана убактылуу комиссиянын жыйындарында кандай гана маселе болбосун, аны караганга чейин же аны карап жаткан учурда депутат ошол маселеге жеке кызыкчылыгы бар болсо, кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө төраганын эсине салууга милдеттүү жана маселени андан аркы талкуулоодон жана добуш берүүдөн четтөөгө тийиш.

21.4. Мындай жоболор депутат тарабынан бузулган учурда регламент боюнча тиешелүү туруктуу комиссия тарабынан талкууланып, корутундусу кеңештин кароосуна сунуш кылынууга тийиш.

21.5. Сессияларда, жыйындарда чыгып сүйлөгөн депутат өтө орой, кемсинткен, уят жана сөгүнгөн сөздөрдү колдонууга, кимдир бирөөнүн дарегине негизсиз айыптоолорду айтпоого, ар-намыс, кадыр-барк жана ишмердик беделин мазактоого жол бербөөгө, жалган маалыматтарды пайдаланбоого, мыйзамсыз аракеттерге чакырбоого тийиш.

## 22. Депутаттарга карата колдонулуучу чаралар

22.1. Эгерде депутат өзүнүн жүрүм-туруму менен сессияны өткөрүүгө жолтоо болсо, төраганын эскертүүсүн эске албаса, башка депутаттар же сессиянын катышуучулары менен кайым айтышса, талкууланган маселеден башкага өтүп кетсе, ушул Регламенттин жоболорун бузса, ага карата төмөнкүдөй чаралар колдонулушу мүмкүн:

- эскертүү;
- сессиянын аягына чейинки мөөнөткө сөз бербөө.

22.2. Эскертүүгө карабай кайрадан тартип бузуулар болсо, ага карата жыйын залынан чыгарылат жана мындай аракеттери боюнча материалдар тиешелүү этика боюнча туруктуу комиссиянын кароосуна берилет.

22.3. Депутатка жана сессияга катышкандарга карата колдонулган чаралар сессиянын протоколунда белгиленүүгө тийиш.

## 23. Шаардык кеңештин сессияларына, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына депутат эмес адамдардын катышуу тартиби

23.1. Шаар мэри ошондой эле шаардын аймагында иш жүргүзгөн башка кызмат адамдары, аппарат кызматкерлери, жергиликтүү коомдоштук мүчөлөрү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жана башка кызыкдар адамдар сессияларга жана туруктуу комиссиялардын жыйындарына атайын уруксат алуусуз катышууга укуктуу.

23.2. Жогоруда аталган адамдар сессияга жана/же анын органынын жыйындарына катышууга ниеттенишсе, сессиянын же жыйындын катчысы атайын каттоо журналына аларды каттайт жана алар жөнүндө маалыматтарды сессиянын же жыйындын протоколуна киргизет.

23.3. Шаардык кеңештин депутаты болуп саналбаган адамдардын маалыматтары (аты-жөнү, жашаган жери, кызматы) катчы тарабынан аларды катышып жаткан депутаттарга маалымдоо үчүн төрагага берилет.

23.4. Сессияга жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына катышуунун тартиби жана Регламентти бузган учурда анын жоопкерчилиги тууралуу тааныштырылат.

23.5. Сессияга, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына катышып жаткан адамдар үчүн жыйындар залында атайын орун бөлүнөт. Эгерде катышуучулардын саны көп болуп, сессия, жыйындар залына батпаса аталган адамдардын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн. Өкүлчүлүк бир көчөдөн, бир кварталдан, бир райондон, бир уюмдан, бир мекемеден, бир бирикмеден бир өкүл (эки же үч) болушу мүмкүн.

# ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ИШИ. ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУН ДАЯРДООНУН, КИРГИЗҮҮНҮН, КАРООНУН ЖАНА КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ

## 24. Токтомдун формасына жана түзүмүнө коюлуучу жалпы талаптар

24.1. Шаардык кеңештин чечимдери токтом жана буйрук (тескеме) түрүндө жалпы депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, айрым маселелер боюнча кенештин чечимдери жалпы депутаттардын үчтөн эки добушу менен кабыл алынат. Кабыл алынган токтом, буйруктарга (тескемелерге) - кеңештин төрагасы, ал эми ал жок болгон учурда төраганын орун басары кол коет.

24.2 Шаардык кеңештин ченемдик укуктук актылары - токтом түрүндө, ал эми башка актылары - буйрук (тескеме) түрүндө кабыл алынат. Кабыл алынган актылар тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ.

1) Шаардык кеңештин токтомдору "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте күчүнө кирет.

2) Шаардык кеңештин башка актылары, эгерде актынын өзүндө башкача каралбаса, алар кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

24.3. Шаардык кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган чечимдерин шаардык кеңештин төрагасынын буйругу түрүндө жеке өзү кабыл алат.

- Шаардык кеңештин төрагасынын буйруктары, эгерде актылардын өздөрүндө башкасы каралбаса, алар кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

24.4. Шаардык кеңеш белгилүү бир маселе боюнча өзүнүн көз карашын билдирүү үчүн шаардык кеңештин кайрылууларын жана билдирүүлөрүн кабыл алууга укуктуу.

24.5. Шаардык кеңештин чечимдери алар кабыл алынган тартипте жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

24.6. Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган шаардык кеңештин токтомдору шаардын аймагында жашаган бардык жарандар, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан баардык ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан аткарылууга милдеттүү.

24.7. Шаардык кеңештин токтому менен таанышуу ачык болууга тийиш. Көчүрмөсү маалымат такталарында жайгаштыруу аркылуу жана «Маалымат алуу укугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган башка каражаттар аркылуу жалпыга маалымдалууга жатат.

## 25. Шаардык кеңешке токтомдун долбоорун киргизүүнүн тартиби

25.1. Шаардык кеңештин сессиясына киргизилүүчү документтердин пакетинде төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:

- тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары жооптуу катчы менен бирге даярдалган жана шаардык кеңештин төрагасы менен макулдашылган токтомдун долбоору;
- токтомдун долбооруна маалымкат-негиздеме (маалымат);
- салыштырма таблица (колдонуудагы токтомго өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор киргизилген учурда);
- тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундусу же чечими;
- экспертиза жүргүзүүнүн (зарылчылыкка жараша) натыйжасында даярдалган эксперттик корутундулар.

25.2. Шаардык кеңештин токтому мамлекеттик тилде ал эми зарыл болгон учурда расмий тилде да киргизилет жана кабыл алынат.

Аймагында жашаган мамлекеттик тилди билгендердин саны басымдуулук кылган шартта жана шаардык кеңештин токтомун мамлекеттик тилде киргизүү жана кабыл алуу тууралуу шаардык кеңештин чечими болсо, токтомду мамлекеттик тилде гана кабыл алууга жол берилет.

25.3. Регламенттин жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдалып кароого киргизилген токтомдун долбоору белгиленген тартипте бузуулар четтетилгенге чейин кайтарылып берилүүгө жатат.

## 26. Шаардык кеңештин сессияларында маселелерди кароонун тартиби

26.1. Шаардык кеңештин сессияларында күн тартибине киргизилген жана сессиянын ишинин башталышында шаардык кеңештин депутаттары тарабынан күн тартибине кошумча киргизилип, бекитилген маселелер каралат.

26.2. Күн тартибине киргизилген маселелер боюнча маселенин демилгечиси же маселени алдын ала карoo тапшырылган туруктуу (убактылуу) комиссиянын төрагасы баяндама менен чыгып сүйлөйт, эгерде органдын же кызмат адамынын отчету болсо, отчет берүүчү адам, эгерде уюмдун, мекеменин, ишкананын, бирикменин иши жөнөндө маалымат болсо, анда анын жетекчиси (мындан ары-баяндамачы) чыгып сүйлөйт, баяндамачы жок болуп калган учурда анын эмне үчүн жок болгондугун аныктоо менен маселе кийинки сессияга жылдырылат.

26.3. Шаардык кеңештин депутаты сессияда каралып жаткан маселе боюнча баяндамачыга суроо берүүгө, каралып жаткан маселе боюнча токтомдун долбооруна жазуу жана оозеки түрүндө сын-пикирлерин жана сунуштарын берүүгө укуктуу.

26.4. Маселени жана токтомдун долбоорун караган учурда туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундулары, ошондой эле депутаттардын жазуу жана оозеки түрүндө сын-пикирлери жана сунуштары угулат, алар талкууланып добуш берүүгө коюлат.

26.5. Талкуу (жарыш сөз) бүткөндөн кийин баяндамачы корутунду сөз сүйлөөгө укуктуу.

26.6. Талкууланып жаткан маселе боюнча токтомдун долбоорунун текстине депутаттардан сунуштар келип түшсө, төрага депутаттардын бардык сунуштарын түшкөн ирети боюнча добушка коет. Депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгү добуш менен депутаттын сунушу кабыл алынды деп эсептелинет жана токтомдун долбоорунун текстине кошулат. Депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун ала албаган сунуш четке кагылды деп эсептелинет.

26.7. Токтомдун долбоору добуш берүү аркылуу киргизилген сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен жалпысынан добушка коюлат. Эгерде токтомдун долбоору жалпысынан кабыл алынбаса, ал четке кагылды деп эсептелинет. Четке кагылган токтомдун долбоору кайрадан иштелип чыккандан кийин шаардык кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясына киргизилиши мүмкүн.

26.8. Шаардык кеңештин депутаттары талкуулоонун жыйынтыктары боюнча, эгерде берилген суроолор боюнча баяндамачынын жоопторуна канааттанышбаса, же каралып жаткан маселени баяндамачы толук эмес иликтесе, же мыйзамдардын нормаларына карама каршы келсе, депутаттардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алып, шаардык кеңештин кийинки сессиясына киргизүү укугу менен маселени жеткире иштеп чыгууга жөнөтүү тууралуу депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алууга укуктуу.

26.9. Талкуулоонун жүрүшүндө баяндамачы каралып жаткан маселени кийинки сессияга жылдыруу тууралуу билдирүү менен төрагага расмий түрдө жазуу же оозеки түрүндө кайрылууга укуктуу. Мындай учурда талкуу токтотулат, каралып жаткан маселе кийинки сессияда каралууга жатат.

## 27. Чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын узактыгы

27.1. Сессияларда төмөндөгүдөй чыгып сүйлөөлөрдүн түрү жана алардын убактысынын узактыгы каралат:

-баяндама — 15 мүнөткө чейин;

-баяндамаларды жарыш сөздөрдө талкуулоо үчүн — 5 мүнөткө чейин;

-күн тартибин талкуулоо үчүн – 10 мүнөткө чейин;

-талкууланып жаткан маселе боюнча корутунду сөз үчүн — 5 мүнөткө чейин;

-шайлануучу кызматка талапкердин чыгып сүйлөөсү үчүн — 10 мүнөткө чейин;

-талкууланып жаткан талапкер боюнча жарыш сөзгө чыгып сүйлөө үчүн - 3 мүнөткө чейин;

-добуш берүүнүн жүйөсү боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 2 мүнөткө чейин;

-жыйынды алып баруунун тартиби боюнча чыгып сүйлөө үчүн — 3 мүнөткө чейин;

-сунуштар, маалыматтар, билдирүүлөр, кайрылуулар үчүн — 3 мүнөткө чейин;

-кайталап сөз сүйлөө үчүн — 2 мүнөткө чейин;

27.2. Депутаттардын макулдугу менен төрага чыгып сүйлөөлөрдүн убактысын 5 мүнөткө чейин узартууга укугу бар.

27.3. Бир эле маселе боюнча бир депутаттын экиден ашык сөз сүйлөөсүнө жол берүү добуш менен чечилет.

27.4. Шайлануучу кызматка талапкердин баяндамасы, чыгып сүйлөөсү трибунадан жүргүзүлөт, калган чыгып сүйлөөлөр – трибунадан же олтурган ордунан жүргүзүлөт.

27.5. Депутат жыйында төрага тарабынан өзүнө сөз берилгенден кийин гана сөз сүйлөйт.

27.6. Сөз берүү жөнүндө сунуш төрагага жазуу түрүндө же оозеки түрүндө берилет.

27.7. Шаар мэри каралып жаткан маселе боюнча сөз сүйлөө үчүн кезексиз түрдө сөз алууга укуктуу.

27.8. Төрага тарабынан сессиянын ишине 10 -60 мүнөткө чейинки кезексиз тыныгуу жарыяланышы мүмкүн.

27.9. Баш аламандык пайда болгондо жана аны токтотууга мүмкүн болбой калган учурда төрага 20 мүнөткө чейин тыныгуу жарыялоого укуктуу. Эгерде сессия өз ишин кайрадан баштаганда баш аламандык улана берсе, төрага сессияны жабык деп жарыялоого жана/же аны белгилүү убакытка же күнгө которууга укуктуу.

### 28. Жарыш сөз (талкуулоо)

28.1. Төраганын уруксаты жок сессияда эч кимдин сөз сүйлөөгө укугу жок.

28.2. Жарыш сөзгө чыгып сүйлөөчүлөр талкууланып жаткан маселенин темасын кармануута тийиш. Чыгып сүйлөөчү темадан чыгып кеткен учурда, төрага ага эскертет, ал эми Регламенттин талаптарын кайталап бузган учурда төрага чыгып сүйлөөчүгө сөз бербөө жөнүндө маселени добушка коюуга укугу бар.

28.3. Төрага жарыш сөздөрдү токтотуу тууралуу сунуш келип түшкөндө депутаттарга чыгып сүйлөөнү каалагандардын, бирок сөз жетпей калгандардын саны жөнүндө баяндайт, кимиси чыгып сүйлөөнү талап кылып жатканын аныктайт жана ушуларды эске алуу менен жарыш сөздү токтотуу тууралуу маселени добушка коет.

28.4. Жарыш сөз токтотулгандыгына байланыштуу сөз сүйлөй албай калган депутат төрагага сүйлөөчү сөздөрүнүн текстин сессиянын протоколуна тиркеп коюу үчүн берүүгө укугу бар.

### 29. Шаардык кеңештин сессиясында чечим кабыл алуу

29.1. Шаардык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса укук ченемдүү. Шаардык кеңеш чечимди шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

29.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда шаардык кеңеш айрым маселелер боюнча жалпы депутаттардын санынын үчтөн экисинин добушу менен чечим кабыл алат.

29.3. Депутаттардын сессияга катышкан санынын көпчүлүк добуштары менен жол-жобо (процедуралык) маселелери боюнча чечимдер кабыл алынат.

### 30. Добуш берүү жана анын түрлөрү

30.1. Ушул Регламентте добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоо үчүн колдонулган төмөндөгүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

-шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы саны — 31депутат

-сессияга катышкандардын саны – каттоодон өткөн депутаттардын саны.

30.2. Шаардык кеңеш сессияларда ачык жана жашыруун добуш берүү жолу менен чечимдерди кабыл алат:

- ачык добуш берүү - депутаттардын кол көтөрүүсү аркылуу;

- жашыруун добуш берүү - депутаттар атайын кабинада бюллетендерди толтуруп, аларды чапталып бекитилген үкөккө салуу аркылуу жүргүзүлөт.

30.3. Шаардык кеңештин депутаты добуш берүүгө өзүнүн укугун жеке өзү ишке ашырат. Депутаттын добуш берүү укугун башка депутатка ишеним кат же башка жол менен өткөрүп берүүсүнө, онлайн добуш берүүсүнө жол берилбейт.

30.4. Шаардык кеңештин депутаты чечим кабыл алуу үчүн "макул" же "каршы" добуш бере алат. Бир маселе боюнча депутат бир гана добушка ээ.

30.5. Добуш берүү учурунда жок болгон депутат добуш берүү аяктагандан кийин өзүнүн добушун берүүгө укугу жок. Жыйындар залында катышып олтурган шартта депутаттын добуш берүүгө катышпай калышы добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра кароо үчүн негиз болуп саналбайт.

30.6. Добуш берүүнүн башталгандыгы жарыялангандан кийин эч кимдин аны үзгүлтүккө учуратууга укугу жок.

## 31. Эсептөө комиссиясынын иши

31.1. Жашыруун добуш берүүнү өткөрүү жана анын натыйжаларын белгилөө үчүн депутаттар эсептөө комиссиясын түзүшөт. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү депутаттардан турат жана так санда болуусу шарт.

31.2. Эсептөө комиссиясы өзүнүн курамынан эсептөө комиссиясынын төрагасын жана катчысын шайлайт, ошондой эле эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрөт.

Эсептөө комиссиясынын төрагасын, катчысын шайлоо жөнүндө, ошондой эле мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү тууралуу эсептөө комиссиясынын чечими анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболоштурулат, протокол шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

31.3. Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендер шаардык кеңештин чечими менен сунуш кылынган жана бекитилген форма боюнча эсептөө комиссиясы тарабынан дайындалат, анын саны шаардык кеңештин депутаттарынын санына барабар болот. Добуш берүү үчүн бюллетенде "макул", "каршы", деген жооптордун варианттары турат. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү бюллетендин ар биринин арткы бетине кол коюшат.

31.4. Эсептөө комиссиясы жашыруун добуш берүү үчүн кабинаны орнотуу менен депутаттар өз эркин жашыруун билдирүү үчүн шарттарды түзөт.

31.5. Добуш берер алдында эсептөө комиссиясы шаардык кеңештин бардык депутаттарынын катышуусунда добуш берүүчү үкөктү бекитет.

31.6. Депутат жашыруун добуш берүү үчүн бир бюллетень алып, жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендерди берүү ведомостундагы өзүнүн фамилиясынын тушуна кол коёт жана жашыруун добуш берүү үчүн кабинага келет. Добуш бергенден кийин депутат добуш берүүчү үкөккө бюллетенин таштайт.

31.7. Добуш берүү бүткөндөн кийин эсептөө комиссиясында калып калган бюллетендер эсептелинет жана депутаттардын катышуусунда эсептөө комиссиясынын төрагасы тарабынан бюллетендин оң бурчун кесүү аркылуу жок кылынат.

31.8. Депутаттардын добушун саноодо белгисиз формадагы бюллетендер, ошондой эле депутаттардын эркин билдирүүнү аныктоого мүмкүн болбогон бюллетендер жараксыз деп табылат. Бюллетенге киргизилген толуктоолор добуштарды саноодо эске алынбайт.

31.9. Жашыруун добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө эсептөө комиссиясы протокол түзөт, ал эсептөө комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлат жана сессияда эсептөө комиссиясынын төрагасы аны жарыя кылат.

31.10. Эсептөө комиссиясынын протоколунун негизинде сессияга төрагалык кылуучу чечимдин кабыл алынгандыгы же кабыл алынбагандыгы тууралуу жарыя кылат. Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол шаардык кеңештин токтому менен бекитилет.

## 32. Кабыл алынган токтомдордун күчүнө киришинин тартиби

32.1. Шаардык кеңештин жоопту катчысы баяндамачы менен бирдикте шаардык кеңеш чечим кабыл алган маселе боюнча кабыл алынган токтомду ал кабыл алынган күндөн баштап 5 жумушчу күндүн аралыгында жол-жоболоштурат.

32.2. Шаардык кеңештин төрагасы кабыл алынган токтомдун долбоорун четке кагууга укугу жок жана ага кабыл алынган күндөн баштап 5 жумушчу күндүн аралыгында кол коёт.

32.3. Документти жол-жоболоштурган учурда грамматикалык мүнөздөгү түзөтүүлөрдү кошпогондо, ага оңдоо киргизүүгө жол берилбейт. Сессияда кабыл алынган токтомдун мазмундук бөлүгүнө оңдоо киргизген адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык документти бурмалагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат.

32.4. Шаардык кеңештин токтому күчүнө кириши үчүн расмий жарыялануга тийиш:

- шаардын аймагында кыйла кеңири таралган, белгиленген тартипте каттоодон өткөн басылмалардын ичинен шаардык кеңеш аныктаган басылмаларда же атайын көрүнүктүү жерлерде (такталарда, стенддерде);

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, же Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий веб-сайтында.

32.5. Токтомду расмий жарыялоо мамлекеттик тилде, ал эми зарыл болгон учурда расмий тилде жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик жана (же) аскердик жашыруун сырды камтыган токтомдорду кошпогондо, толук эмес баяндамадагы токтомдорду жарыялоого жол берилбейт.

32.6. Ченемдик укуктук актынын расмий жарыяланышынын датасы ошол акт жарык көргөн басылма жарыкка чыккан күн эсептелинет.

32.7. Эгерде токтомдун өзүндө башкача каралбаса, токтом расмий жарыяланган күндөн баштап он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. Ишкердикти жөнгө салган токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күндөн кийин күчүнө кирет.

32.8. Шаардык кеңештин токтомдорун каттоону төмөнкү реквизиттерди көрсөтүү менен шаардык кеңештин токтомдорун каттоо жөнүндө журналга жазып түшүрүү аркылуу жооптуу катчы ишке ашырат:

- актынын түрүн көрсөтүү;
- ошол ченемдик укуктук актыны жөнгө салуу предметин билдирген аталыш;
- кабыл алынган жери жана датасы;
- каттоо номери.

32.9. Расмий жарыяланган күнү шаардык кеңештин токтомунун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин тийиштүү аймактык бөлүмүнө эки нускада, мамлекеттик жана/же расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түшүрмөлөрдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен ченемдик укуктук актыларын 7 жумушчу күндүн ичинде Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлөт.

32.10. Шаардык кеңештин токтомунун көчүрмөсү кабыл алынган чечимдер жөнүндө коомчулукту кеңири маалымдоону камсыз кылуу үчүн шаардын маалымат илинүүчү такталарына же шаардык кеңештин сайтына милдеттүү түрдө жайгаштырылат.

## 33. Шаардык кеңештин сессиясынын жана анын органдарынын протоколу

33.1. Шаардык кеңештин сессияларында, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында протокол жүргүзүлөт, ага катар номери берилет.

33.2. Сессиялардын жана жыйындардын протоколдорун жүргүзүү жана жол-жоболоштуруу протоколдорду жүргүзүү жана сактоо үчүн кеңештин жооптуу катчысы тарабынан жүргүзүлөт. (Жооптуу катчы каралбаган шаардык кеңеште протоколду шаар мэриясынын жооптуу катчысы жүргүзөт).

33.3. Протоколдун тексти киришүү жана негизги бөлүктөрдөн турат:

а) шаардык кеңештин сессияларынын жыйындарынын протоколунун киришүү бөлүгүндө номери, датасы, өткөрүлгөн убактысы жана орду, шаардык кеңештин чакырылган жылы, шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы саны, катышкан депутаттардын саны жана тизмеси, чакырылгандардын тизмеси (эгерде 10дон ашык адам чакырылса,

чакырылгандардын тизмеси өзүнчө тиркелет), баяндамачынын фамилиясын көрсөтүү менен күн тартиби, эгер түзүлгөн болсо эсептөө комиссиясынын курамы чагылдырылат;

б) негизги бөлүгүндө сессияны алып баруунун жүрүшү, каралган маселелер, баяндама менен чыгып сүйлөгөндөр жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр, добушка коюлган маселелер жана сунуштар, аларды кабыл алуунун жолдору; добуш берүүнүн натыйжалары жана кабыл алынган чечимдер, сессиянын жүрүшүндө берилген кошумча материалдар чагылдырылат.

33.4. Депутаттардын фамилиялары алардын фамилияларын жана аттарын, атасынын аттарынын баш тамгасын көрсөтүү менен, башка адамдардын – фамилияларын, аттарын, атасынын аттарынын баш тамгасын көрсөтүү менен, кызмат ордун жана иштеген ордун, эгерде иштебеген болсо жашаган жерин көрсөтүү менен коштолот. Жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрү катышкан учурда алардын фамилиялары жана жашаган жери көрсөтүлөт.

33.5. Сессиянын протоколу сессиянын иши аяктагандан кийин 14 жумушчу күндөн кеч эмес жол-жоболоштурулат, ага шаардык кеңештин төрагасы жана жооптуу катчы тарабынан кол коюлат. Туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарынын протоколу алар аяктагандан кийин 10 жумушчу күндөн кеч эмес жол-жоболоштурулат жана комиссиянын төрагасы жана жооптуу катчы тарабынан кол коюлат.

33.6. Жабык сессиялардын материалдарын кошпогондо, жыйындардын протоколдорунун көчүрмөлөрү ачык кол жеткендей болууга тийиш. Жооптуу катчы шаардык кеңештин депутаттарына жана башка кызыкдар адамдарга протоколдордун жана токтомдордун көчүрмөлөрүн берет, алар көчүрүп алууларды жүргүзөт.

33.7. Шаардык кеңештин сессияларында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында видео-аудио жазып алуулар жүргүзүлүшү мүмкүн, алар шаардык кеңештин депутаттары үчүн жеткиликтүү болот.

33.8. Протоколдордун, видео жазып алуулардын түп нускалары жооптуу катчыда сакталат. Жыйындардын жана сессиялардын протоколдору, алардын тиркемелери шаардык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн аралыгында сакталат. Шаардык кеңештин ыйгарым уктары аяктаганда сессиялардын, жыйындардын протоколдору жана алардын тиркемелери туруктуу сактоого архивге тапшырылат.

33.9. Шаардык кеңештин жабык сессиясынын материалдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол-жоболоштурулат.

### 34. Шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө

34.1. Шаардык кеңештин ар бир токтомунда токтомдо көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткаруу жүктөлгөн кызмат адамы же орган, ошондой эле токтомдун аткарылышын контролдоо жүктөлгөн кызмат адамы же орган көрсөтүлөт.

34.2. Токтомдун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат угулгандан кийин, шаардык кеңеш төмөндөгүлөргө укуктуу:

- аткарылган катары токтомду контролдон алып коюу;
- аткарылган катары токтомдун айрым пункттарын контролдон алып коюу;
- ошол токтом боюнча аткаруу мөөнөтүн жылдыруу;
- башка кызмат адамына же органга контролдоо ыйгарым укуктарын жүктөө;
- токтомду жокко чыгаруу;
- токтомго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- кошумча токтомду кабыл алуу.

34.3. Контролдоо боюнча отчёттун мөөнөтү токтомдун өзүндө көрсөтүлөт. Шаардык кеңештин төрагасы токтомдун аткарылышы үчүн контрол жүктөлгөн кызмат адамына же органга шаардык кеңештин сессиясында анын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат берүүнү тапшырууга укуктуу.

## ШААРДЫК КЕҢЕШТИН АЙРЫМ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ

### 35. Жергиликтүү бюджетти киргизүүнүн жана бекитүүнүн тартиби

35.1. Бюджеттик процесстин ачыктыгын жана айкындыгын, жергиликтүү бюджетти түзүүгө жарандардын катышуусун жана жергиликтүү бюджетти аткаруунун натыйжалары тууралуу отчетту кароону камсыз кылуу максатында шаардык кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы бюджеттин долбоорун ошондой эле жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча очетту бюджет боюнча шаардык кеңештин туруктуу комиссиясынын кароосуна киргизгенге чейин бюджет боюнча коомдук угууларды демилгелөөгө жана аны уюштурууну жана өткөрүүнү шаар мэрине тапшырууга укуктуу.

35.2. Бюджет боюнча коомдук угуулардын натыйжалары жергиликтүү бюджеттин долбоорун жана анын аткарылышынын отчетун караган жана бекиткен учурда бюджет боюнча туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнө, шаардык кеңештин депутаттарына маалымат булагы катары кызмат кылат.

35.3. Шаардык кеңештин төрагасы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы шаар мэриясынан, мамлекеттик салык кызматынан жана юридикалык жактардан жергиликтүү бюджеттин долбоорун өз учурунда жана сапаттуу түзүү үчүн керектүү болгон бардык маалыматтарды суратып алууга жана өзүнүн жыйындарында ошол органдардын жетекчилерин, коомдук угуулардын активдүү катышуучуларын, демилгечи топторду, коомдук бирикмелерди жана башка кызыкдар адамдарды чакырууга жана угууга укуктуу.

35.4. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн зарыл маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилет.

35.5. Бюджет боюнча туруктуу комиссия бюджеттин долбоорун алдын ала кароону жүргүзөт жана шаар мэриясынын отчетун угат, коомдук угуулардын катышуучуларынан жана башка кызыкдар жактардан түшкөн сунуштарды эске алуу менен шаардык кеңештин сессиясына бюджеттин долбоору боюнча корутундусун берет.

35.6. Шаардык кеңештин сессиясында жергиликтүү коомдоштуктун жана башка кызыкдар жактардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен жергиликтүү бюджеттин такталган долбоору ачык-айкын каралат, ошондой эле коомдук угуулардын натыйжалары боюнча бюджеттин аткарылышы тууралуу шаар мэриясынын отчету каралат.

35.7. Тийиштүү жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы тууралуу шаардык кеңештин токтому жергиликтүү ЖМК гезити аркылуу жалпыга жайылтууга жатат жана документтердин көчүрмөсү маалымат тактайларына жайгаштырылат.

## 36. Шаардык кеңештин шаар тургундарынын элдик ченем чыгаруу демилгесин кароо

36.1. Мыйзамдардын жана жергиликтүү жамаатын уставына ылайык жарандар элдик ченем чыгаруу демилгесине ээ.

36.2. Жергиликтүү жамаат тарабынан шаардык кеңештин кароосуна киргизилген жана ушул Регламентте белгиленген тартипте жол-жоболоштурулган ченемдик укуктук актынын долбоору (токтомдун долбоору) демилгечи топтун катышуусу менен тийиштүү туруктуу комиссия тарабынан каралат.

36.3. Шаардык кеңештин кароосуна киргизилген ченемдик укуктук актынын долбоору туруктуу комиссиянын корутундусун эске алуу менен демилгечи топтун, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн катышуусунда шаардык кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясында каралат.

36.4. Жергиликтүү жамаат тарабынан демилгеленген ченемдик укуктук актынын долбоорун кароонун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган шаардык кеңештин чечими аны киргизген демилгечи топко, жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнө расмий жазуу түрүндө жеткирилүүгө тийиш.

## 37. Шаардык кеңештин мамлекеттик органдар менен өз ара аракети

37.1. Шаардык кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык мамлекеттик органдары менен өз ара мамилелерин жүзөгө ашырат.

37.2. Мамлекеттик органдары шаардык кеңештин компетенциясына кирген маселелерди чечүүдө кийлигишүүгө укуксуз.

37.3. Шаардык кеңеш бийликтин аткаруу органдарынын компетенциясына кирген маселелерди чечүүдө кийлигишүүгө укуксуз.

37.4. Шаардын кызыкчылыгына тийиштүү маселелер боюнча сессияга тиешелүү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун шаардык жана райондук бөлүмдөрүнүн, шаардын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн өкүлдөрү чакырылат.

37.5. Шаарды өнүктүрүүнүн эң маанилүү маселелери боюнча шаардын мэриясы консультацияларды өткөрөт жана шаардык кеңеш менен өз чечимдерин жазуу түрүндө макулдашууларды жүргүзөт.

## 38. Шаардык кеңештин жарандык коомдун уюмдары менен өз ара аракети жана кызматташтыгы

38.1. Шаардык кеңеш шаарды өнүктүрүүнүн маанилүү маселелерин даярдоодо жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрү менен консультацияларды өткөрөт, сунуштарын жана пикирлерин эске алат, зарыл болгон учурда аларды жумушчу топторго тартат.

38.2. Жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча көтөргөн демилгелерин, кайрылууларын кылдаттык менен алардын өзүн, башка кызыкдар болгон тараптарды катыштырып талкуулайт, жакшы сунуштар боюнча маселе даярдап сессиянын кароосуна киргизет.

38.3. Сессиянын токтомдорунун долбоорун коомдук экспертизадан өткөрүү зарыл болгон учурларда жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүн бул ишке тартат.

## 39. Шайлоочулар менен иштөөнүн тартиби

39.1. Депутаттардын шайлоочулар менен иштөө тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга кайрылуу жол-жобосу, депутаттын өкүлчүлүк ишинин кепилдигинин маселелери депутаттын статусу жөнүндө мыйзам жана ушул Регламент менен аныкталат.

39.2. Шаардык кеңештин депутаттарынын шайлоочулар менен иштөөсүн камсыз кылуу үчүн мэрия жолугушуу үчүн атайын жайларды бөлүп берет.

39.3. Шаардык кеңеш, анын аппараты, шаардык кеңештин (штат болбосо мэриянын) жооптуу катчысы сессиялардын ортосундагы мезгилде шайлоочулар менен ишти төмөнкүдөй уюштурат:

- шайлоочуларды кабыл алуу;
- арыздарды, кайрылууларды, сунуштарды кароо;
- шайлоочулар менен жолугушууларды, тегерек үстөлдөрдү, ачык эшиктер күндөрүн жана башка иш-чараларды өткөрүү;
- шайлоочулардын арыздары боюнча мамлекеттик органдарга, шаар мэриясына депутаттык суроо-талаптарды жиберүү.

39.4. Аппараттын тиешелүү кызматкерлери, жооптуу катчы жыл сайын шаардык кеңештин депутаттарынын шайлоочулар менен иштөөсүнө сапаттык жана сандык талдоо жүргүзөт. Шайлоочулар менен иштөөнүн ар жылкы талдоосу шаардык кеңештин сессияларында депутаттар тарабынан каралат.

39.5. Фракция шайлоочулар менен иштөө боюнча өзүнүн мүчөлөрүнүн ишин жана төмөнкү маселелер боюнча шаардык кеңештин депутаттарынын өкүлчүлүк функцияларын аткарууну уюштурат:

- фракциянын дарегине келип түшкөн кайрылуулардын, сунуштардын, арыздардын өз учурунда, объективдүү жана толук каралышы, алар боюнча зарыл чаралардын кабыл

алынышы жөнүндө жана бул маселелер боюнча шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары менен өз ара аракеттенүү;

- ошол фракциянын дарегине шайлоочулар кайрылганда, фракциянын мүчөсү болуп саналган депутаттын шайлоочуларды өзү кабыл алуусу;

- депутаттын дарегине келип түшкөн кайрылуулар боюнча маселелерди чечүүдө өз учурунда, объективдүү жана толук карoo жана алар боюнча зарыл чараларды кабыл алуу максатында депутатка көмөк көрсөтүү;

- фракция мүчөлөрүнүн демилгеси жана катышуусу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен чогулуштарды, конференцияларды, жолугушууларды жана башка иш-чараларды өткөрүү;

- жеке депутаттын жана фракциянын атына келип түшкөн кайрылууларды жалпылоо жана талдоо;

- фракциянын катышуусу менен өткөрүлгөн өкүлчүлүк функцияларды аткарууга багытталган иш-чараларды жалпылоо жана талдоо;

- жарандардын кайрылуусу менен иштөөнүн жана шаардык кеңештеги фракциялардын иштеринин абалы жөнүндө шайлоочуларды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын маалымдоого укуктуу.

### 40. Шаардык кеңештин ишмердүүлүгүнүн айкындуулугу

40.1. Шаардык кеңештин ишмердүүлүгүнүн айкындуулугу, маалыматтардын жарандарга жеткиликтүүлүгү шаардык кеңештин ишине коюлган талап болуп эсептелет.

40.2. Шаардык кеңештин ишин чагылдыруу сессияларды жана жыйналыштарды телекөрсөтүү жана радио уктуруу, башка мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттары, социалдык түйүндөр аркылуу берүү жолу менен, ошондой эле шаардык кеңештин сайты аркылуу камсыз кылынат.

40.3. Шаардык кеңештин сессияларын, фракциялардын, туруктуу комиссиялардын жыйындарын видео-сүрөткө тартуу, ошондой эле үндөрдү жаздырып алуу белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

### 41. Шаардык кеңештин аппарат жетекчиси, жооптуу катчысы

41.1. Шаардык кеңештин ишин уюштуруучулук жактан шаардык кеңештин (штат болбосо мэриянын) аппарат жетекчиси, жооптуу катчысы камсыз кылат.

41.2. Аппарат жетекчи, жооптуу катчы шаардык кеңештин ишин уюштуруу жагынан камсыз кылуу боюнча иштерди координациялайт, туруктуу (убактылуу) комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтөт. Сессияларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн керектүү материалдарды даярдоону камсыз кылат.

41.3. Аппарат жетекчи, жооптуу катчы шаардык кеңештин жана анын органдарынын ишин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- шаардык кеңештин токтомдорун каттоону жүргүзөт (каттоо журналында);

- шаардык кеңешке келип түшкөн каттарды кабыл алат жана каттайт, төраганын резолюциясына жараша каттарды аткаруучуга өткөрүп берет;

- сессияларга материалдарды, анын ичинде токтом долбоорлорун жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундуларынын долбоорлорун даярдоо боюнча ишти уюштурат;

- шаардык кеңештин жана туруктуу комиссиялардын иш пландарынын долбоорун иштеп чыгууга жана бекилгенден кийин алардын өз учурунда аткарылышына көмөктөшөт;

- сессияларды, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарын чакыруу жөнүндө шаардык кеңештин депутаттарын маалымдайт;

- сессиялардын протоколдорун жүргүзөт, сессияларда, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында депутаттарды каттоону жүргүзөт;

- чакырылган адамдарды, ачык сессияларга, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарына каттоону жүргүзөт;

- иш кагаздарын, анын ичинде келүүчүлөрдү кабыл алуу журналын, депутаттарга кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоону жүргүзөт;

- шаардык кеңештин токтомдорун долбоорун даярдоого көмөк көрсөтөт жана жол-жоболоштурат, аларды (күчүнө киргизүүгө) жарыялоону, каттоону, шаардык кеңештин депутаттарына, тийиштү адамдарга, уюмдарга жана аткаруучуларга таратууну уюштурат;

- расмий жарыялангандан кийин шаардык кеңештин токтомунун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылардын Реестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтөт;

- шаардык кеңештин документтерин, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын документтерин кошуп алганда, сактоону, системага салууну жана тийиштүү абалда кармоону камсыз кылат;

- туруктуу, убактылуу комиссияларга, фракцияларга уюштуруучулук жагынан көмөк көрсөтөт;

- башка ченемдик укуктук актыларга, ушул Регламентке ылайык жана төраганын тапшырмасы боюнча башка иш-милдеттерди жүзөгө ашырат.

- мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү укуктук ченемдик актылардын аткарылышын камсыздайт.

**42. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби**

42.1. Шаардык кеңештин Регламентинин жаңы редакциясы, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен сессияда кабыл алынат.

42.2. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу депутаттар, фракциялар, туруктуу комиссиялар тарабынан демилгеленген сунуштар тийиштүү туруктуу комиссияларда каралгандан кийин сессиясынын күн тартибине киргизилет жана сессияда каралат.

42.3. Регламенттин жоболорун түшүндүрүү жана анын сакталышына көзөмөл жүргүзүү шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын бирине жүктөлөт. Регламенттин жоболорун түшүндүрүү шаардык кеңештин сессиясында берилет.

42.4. Бул Регламентте тескелбеген маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынат.

**Шаардык кеңештин төрагасы** **Ч.А.Кимсанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03. 2025-ж. №26/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүнө жана Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык Кара-Көл шаардык жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө ЖДПБнун директору А.А.Ырысбековдун маалыматын жана шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.К.Субаналиеванын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин кезексиз V сессиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Шаарыбыздын калкын тейлөөдө стационардык 100 койка, 4 үй бүлөлүк дарыгерлер тобу (ГСВ), 2 ФАП бар. Хирургия бөлүмүндө 24. Терапия бөлүмүндө 35 анын ичинде терапиялык профилде 20, неврологиялык койка 15. Балдар бөлүмүндө 12, инфекция бөлүмүндө 15. Төрөт бөлүмүндө 14 койка. Кайра жандандыруу бөлүмүндө 6 койка. Күндүзгү стационарда терапиялык профилде 10 койка бар.

Кара-Көл шаардык жалпы дарыгерлер практикалоо борбору “Бүткүл дүйнөлүк кургак учук менен күрөшүү”, “Бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнүнө карата”, “Бүткүл дүйнөлүк эмдөө”, “Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү” боюнча иш-чараларды жүргүзгөн.

Жалпы кызматкерлердин саны 257, анын ичинен дарыгерлер 31, медициналык кызматкерлер 144, кенже кызматкерлер 52, башка кызматкерлер 30.

ЖДПБда медициналык кызматкерлер арасында ай сайын бейтаптарды сапаттуу тейлөө, врачтар тарабынан көрсөтүлгөн көрсөтмөлөрдү өз убагында аткаруу, бейтаптар арасында сапаттуу иш-чараларды жүргүзүү жана тааныштыруу иштери боюнча семинар окуулар өткөрүлүп турат.

Жогорудагылардын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык Жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө ЖДПБнун директору А.А.Ырысбековдун маалыматы жана шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.К.Субаналиеванын билдирүүсү эске алынсын.

2. Жалпы дарыгерлер практикалоо борборуна (А.А.Ырысбеков) оорукананын жандандыруу бөлүмүн 2-кабаттан 1-кабатка көчүрүп түшүрүү боюнча тиешелүү иш-чараларды көрсүн.

3. Ленин көчөсүндө  жайгашкан №1 үйбүлөлүк дарыгерлер тобунун эски имаратынын ордуна жаңы имарат куруу иштерин жандандырсын.

4. Жалпы дарыгерлер практикалоо борборуна (А.А.Ырысбеков) медициналык кызматкерлердин  оорулууларга жасаган мамилесин, жүрүм-турум этикасын сактоо боюнча тиешелүү иш-чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга, Жалпы дарыгерлер практикалоо борборуна (А.А.Ырысбеков), көзөмөлдөө жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Г.К.Субаналиева) жүктөлсүн

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03.2025-ж. № 27/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө бөлүмүнүн 2024-жылда аткарган иштери боюнча маалыматы**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүнө жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык Кара-Көл шаардык мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө бөлүмүнүн 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө Кара-Көл шаардык МСЭКБнүн башчысынын орун басары Г.Ш.Жайчибекованын **м**аалыматын жана шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.К.Субаналиеванын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө бөлүмүнүн 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө Кара-Көл шаардык МСЭКБнүн башчысынын орун басары Г.Ш.Жайчибекованын маалыматы жана шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.К.Субаналиеванын билдирүүсү эске алынсын.
2. Кара-Көл шаардык МСЭКБү, шаардык мэрия менен биргеликте шаардын мектептеринин аймагындагы соода түйүндөрүндө Кытай мамлекетинен өндүрүлгөн арзан продукциялардын сапаты боюнча рейддерди жүргүзүп, тиешелүү иш-чараларды көрсүн.
3. Кара-Көл шаардык МСЭКБна (Ж.А.Көчкөнбаева) шаарыбыздын тургундарынын арасында тери оорулары көбөйүп жаткандыгына байланыштуу, тургундардын ден соолугуна кам көрүү максатында чач тарачканалардын, спорт залдардын санитардык абалына көзөмөлдү күчөтүү максатында шаардык мэрия менен биргеликте комиссия түзүп, тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын аппарат жетекчиси (А.Т.Анарбаева), Кара-Көл шаардык МСЭКБна (Ж.А.Көчкөнбаева), көзөмөлдөө жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Г.К.Субаналиева) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03.2025-ж. № 28/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана “Жергиликтүү кеңештердин статусу жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын начальниги У.Ш.Бокоевдин 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматын жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2022-жылда аткарган иштери жөнүндө У.Ш.Бокоевдин маалыматы жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсү эске алынсын.

**2.** Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына төмөнкүлөр сунушталсын:

   1) Кара-Көл шаарынын башкы планына шаарды бойлоп өткөн Кара-Суу суусунун жээктерине ( набережный ) жөө жүрүүчү тротуар куруу планын киргизүү;
   2) Кара-Көл шаарынын башкы планына № 4 орто мектептин артындагы бош жерге бала бакча куруу планын киргизүү;
   3) Кара-Көл шаарынын архитектуралык көрүнүшүн ирээтке келтирүү, шаар курулушундагы баш-аламандыкты жөнгө салуу, шаардын эстетикалык көрүнүшүн жакшыртуу, курулуштардын функционалдык сапаттарын камсыздоо боюнча бирдиктүү стандарттарды, техникалык талаптарды камтыган эрежелердин жыйындысын иштеп чыгуу.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына (У.Ш.Бокоев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**14.03.2025-ж. № 29/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Кара-Көл филиалынын 2024-жылда аткарган иштери боюнча маалыматы**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана “Жергиликтүү кеңештердин статусу жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалынын башкы каттоочусу С.Т.Батыркулованын 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматын жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалынын башкы каттоочусу С.Т.Батыркулованын 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсү эске алынсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жер ресурстары агенттиктин Кара-Көл филиалына (Г.Р.Сооронбаева), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
КАРА-КӨЛ ШААР
АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ
ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО
ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**14.03.2025-ж. № 30/5-9** **Кара-Көл шаары**

**Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Кара-Көл шаардык өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн 2024-жылда аткарган иштери жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу КР ӨКМнин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы У.М. Жусубалиевдин маалыматын, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы У.М. Жусубалиевдин 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсү эске алынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө төмөнкүлөр сунушталсын:

1) Кара-Көл шаарындагы Бекташ, Ак-Шар, Төш-Мазар көчөлөрүндөгү, 16-кварталдын үстүндөгү, Көк-Бел, Жазы-Кечүүдөгү Кара-Суунун жээктериндеги өзгөчө кооптуу жерлерде селге каршы бекемдөө иштерин жүргүзүү;
2) Кара-Көл ӨКБнүн карамагына Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги аркылуу экскаватор, погрузчик сыяктуу техникаларды алууга аракет жасоо;
3) Кара-Көл шаарын бойлоп өткөн суу жээгинин ыңгайлуу жерин таап, өрт өчүрүүчү машиналар суу алуучу пирс куруу боюнча иш алып баруу;
4) Кара-Көл шаарынын жолдорун өрт өчүрүүчү машиналар өтө турган стандартка алып келүү боюнча шаардык мэрияга сунуштарды берүү;
5) Өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана өрт коопсуздугун сактоо боюнча талаптарды күчөтүү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев) , Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө (У.М.Жусубалиев), көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**